**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

**"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде каралып,
бекитүүгө сунушталган
№ 1 протокол. 10.09.2026-ж.

ЖАМУнун №289 буйругу
11.09.2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
_______________К.Ж.Усенов
15.09.2026-ж.

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Багыты - 550300 Филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты профили)**

**Квалификациясы - бакалавр**

**Манас – 2026**

Негизги билим берүү программасы (НББП) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалавр квалификациясы үчүн түзүлгөн билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыгып, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2026-жылдын 10-сентябрындагы №1 протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.

НББП кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2026-жылдын 11-сентябрындагы жыйынында каралып, №1 протоколу менен бекитилди.



Негизги билим берүү программасы (НББП) 550300 Филологиялык билим берүү багытынын (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалавр квалификациясы үчүн түзүлгөн билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыгып, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 1-сентябрындагы № 1 протоколу менен өзгөртүү, толуктоолор киргизилди.

НББП кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2025-жылдын 28-августундагы жыйынында каралып, №1 протоколу менен бекитилди.

**Иштеп чыккандар:**

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы, доцент Бакирова Г.К. – ________

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доценти, ф.и.к. Кочорова Г.О. – ________

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын улуу окутуучусу Каленбекова Г.Т. ________

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын окутуучусу Кудайкулова Г.О. – ________

**Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү:**

Жалал-Абад шаарындагы Ж.Болотов атындагы №21 жалпы билим берүүчү орто мектебинин директору Кебекова Ж.Б. – ________

Жалал-Абад шаарындагы А.Усмин атындагы №7 жалпы билим берүүчү орто мектебинин директору Асанбекова З.Ш. – ________

**НББПнын эксперттери:**

Борбор Азия Эл аралык медициналык университетинин гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысы, фил.и.к. Турдубаева А.М. – ________

К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин доценти, фил.и.к. Султанова А.А. – ________

**Бүтүрүүчүлөр:**

Жалал-Абад шаарындагы [illegible] №2 жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору Мараимова Н.[illegible] – ________

Сузак районундагы Ю.А.[illegible] №27 жалпы орто билим берүүчү мектебинин мугалими Токтогулова С.Т. - ________

| К/№ | МАЗМУНУ | Бети |
|---|---|---|
| **1.** | **Жалпы жобо** | **4** |
| 1.1. | Негизги билим берүү программасы (аныктама) | **4** |
| 1.2. | НББПны иштеп чыгууга негиз болгон нормативдик документтер | **5** |
| 1.3. | Терминдер, аныктамалар жана түшүндүрмөлөр | **6** |
| **2.** | **НББПнын колдонулуу чөйрөсү** | **10** |
| **3.** | **НББП өздөштүрүүнүн мөөнөтү жана көлөмү** | **10** |
| 3.1. | ЖКББ НББПнын жалпы мүнөздөмөсү | **10** |
| 3.2. | Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине коюлган талаптар | **11** |
| 3.3. | НББПны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү | **11** |
| 3.4. | НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек көлөмү | **11** |
| **4.** | **НББП иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жалпы талаптар** | **12** |
| 4.1. | Бакалаврды даярдоонун НББП максаты (миссиясы) | **12** |
| 4.2. | НББПны иштеп чыгуу | **14** |
| 4.3. | НББПны ишке ашырууда билим берүү мекемесинин милдеттери | **14** |
| 4.4. | НББПны ишке ашырууда студенттердин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар | **15** |
| 4.5. | НББПнын стратегиялык максаты жана милдети | **15** |
| 4.6. | НББПны жаңылоо | **18** |
| **5.** | **НББПнын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү** | **18** |
| **6.** | **НББПны өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлган талаптар** | **22** |
| **7.** | **НББПнын кадрлар менен камсыздалышы** | **26** |
| 7.1. | НББПнын кадрлар менен камсыздалышына талаптар | **26** |
| 7.2. | НББПнын окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы | **28** |
| 7.3. | НББПнын материалдык-техникалык жактан камсыздалышы | **29** |
| 7.4. | Билим сапатын баалоого талаптар | **30** |
| 7.4.2. | Баалоо каражаттарынын фонду | **31** |
| 7.5. | Практикаларды өткөрүүнүн шарттарына жалпы талаптар | **36** |
| 7.6. | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | **38** |
| **8.** | **НББПны ишке ашырууда окутуу процессинин мазмунун жана уюштурулушун жөнгө салуучу документтер** | **42** |
| **9.** | **Негизги билим берүү программасын баалоо критерийлери** | **43** |
| | **Тиркемелер** | **45** |

## 1-БАП. ЖАЛПЫ ЖОБО

### 1.1. ЖКББ негизги билим берүү программасынын аныктамасы

Негизги билим берүү программасы (аныктама) – бул билим берүү процессинин максаттарын, мазмунун, уюштурулушун жана натыйжаларын аныктаган нормативдик жана усулдук документтердин жыйындысы. Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы (мындан ары - ЖКББ НББП) бакалаврды даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашырууда **550300 Филологиялык билим берүү багыты** (кыргыз тили жана адабияты профили) боюнча уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгууда уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан, лицензиядан же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өткөн бардык жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде (мындан ары - ЖОЖдор) негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалаврды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы билим берүү чөйрөсүндө аймактын эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Уставына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-сентябрындагы № 590 “Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынынишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө” жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө”, 2024-жылдын 8-июлундагы №371 “Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетин бекитүү жөнүндө” токтомдоруна ылайык, ЖАМУда иштелип чыккан тиешелүү локалдык нормативдик документтерге таянуу менен иштелип чыккан Жобонун негизинде түзүлдү. Ушул Жобо Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары — Университет) жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча негизги билим берүү программасын (мындан ары — НББП) иштеп чыгуу, бекитүү жана ишке ашыруу тартибин, максатын жана милдеттерин аныктайт. Негизги билим берүү программасы билим берүү стандартынын негизинде даярдоонун аталган багыты боюнча иштелип чыгып, бекитилген окуу-усулдук документтерди өзүнө камтыйт.

Бул негизги билим берүү программасы билим берүү процессинин максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун, шартын жана колдонулуу технологияларын, аталган багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) окуу планын;

б) жумушчу окуу планын;

в) НББПдагы компетенциялар картасын;

г) окуу планындагы базалык дисциплиналардын программаларынын

аннотацияларын;

д) окуу планындагы ЖОЖдук компоненттердеги дисциплиналардын жана элективдик курстардын программаларынын аннотацияларын;

е) педагогикалык практикалардын программаларынын аннотациясын;

ж) бүтүрүүчү мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды;

з) бүтүрүүчүнүн моделин;

и) студенттин жол картасын.

**1.2. НББПны иштеп чыгууга негиз болгон нормативдик документтер**

Бакалавр квалификациясы үчүн НББП иштеп чыгуунун нормативдик базасы төмөнкүлөрдөн турат:

1. Кыргыз Республикасынын 11.08. 2023-жылдагы №179 “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы;

2. КР Министрлер кабинетинин 27.09.2024-жылдагы №590 “Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү” токтому

3. КР Министрлер кабинетинин 10.06.2025-жылдагы №329 “Орто жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү” токтому;

4. КР Министрлер кабинетинин 22.05.2024-жылдагы №258 “Орто жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндөгү” токтому;

5. КР Министрлер кабинетинин 08.07.2024-жылдагы №371 “Кыргыз Республикасында башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетин бекитүү жөнүндөгү” токтому;

6. КР Министрлер кабинетинин 08.07.2024-жылдагы №371 “Кыргыз Республикасында башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын Макетин бекитүү жөнүндөгү” токтомун ишке ашыруу боюнча КР Билим берүү жана илим министрлигинин 04.09.2024-жылдагы № 1372/1 буйругу;

7. Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде академиялык кредиттерди пайдалануу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү Жобо;

8. Кыргыз Республикасынын жогорку жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү мекемелери жөнүндөгү Жобо;

9. Кыргыз Республикасында орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жөнүндөгү Жобо;

10. Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин факультети жана кафедралары жөнүндөгү Жобо.

- ЖАМУнун Уставы;
- Орто жана жогорку кесиптик билим берүүдө окуу процессин кредиттик технологиялардын негизинде уюштуруу жөнүндөгу Жобо;
- ЖАМУнун “Практикаларды өткөрүү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Жогорку кесиптик билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын уюштуруу жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Билим сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Студенттерди учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестациялоо жөнүндөгү” Жобосу;

- ЖАМУнун “Факультеттин окуу-усулдук кеңеши жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Баалоо каражаттарынын фондун түзүү тартиби жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги билим берүү программаларынын рейтинги жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “ЖАМУда орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ички аккредитациялоо жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Сапаттын менеджмент системасы жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “ЖАМУдагы бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Дисциплиналардын (модулдун) жумушчу программасы жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Дисциплиналардын силлабусу жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Окуу-усулдук комплекс жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Академиялык мобилдүүлүк жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Жайкы семестрди уюштуруу жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Ички тартип эрежелери жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “ЖАМУда билим сапаты боюнча саясаты жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “ЖАМУдагы тарбиялык иштер жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “ЖАМУда студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана тикелөөнүн тартиби жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “ЖАМУдагы окуу тайпаларынын куратору жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Элективдик дисциплиналарды тандоо жана өздөштүрүү жөнүндөгү” Жобосу;
- ЖАМУнун “Орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы жөнүндөгү” Жобосу.

**1.3. ЖКББ НББПда төмөнкүдөй терминдер, аныктамалар жана түшүндүрмөлөр колдонулат:**

**адис** – магистратурага, аспирантурага жана/же базалык докторантурага (PhD) (профиль боюнча) өтүүгө жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын даражасы;

**адис/багыт/кесип** – бүтүрүү дипломуна ээ болгон же Кыргыз Республикасындагы квалификациянын улуттук алкагынын деңгээлине ылайык келген тигил же бул кесип/адистик боюнча ишмердүүлүктүн белгилүү түрү үчүн зарыл болгон, атайын даярдык алуу менен иш тажрыйбага, билгичтикке жана көндүмгө ээ болгон комплекстүү билимдердин конкреттүү областы;

**академиялык кредит** – студенттин окуу жана (же) илимий жүктөмүнүн көлөмүн өлчөөнүн шарттуу ченем бирдиги;

**базалык окуу планы** – студентти багыты же адистиги боюнча кесипке даярдоочу билим берүүдөгү дисциплиналардын толук каталогу (мындан ары – окуу планы). Окуу планы милдеттүү компонентти өзүнө камтыйт, милдеттүү дисциплиналарды окутууга жана студенттин тандоо курсуна бөлүнгөн кредиттин санын аныктайт, практиканын түрүн жана мөөнөтүн белгилейт.

**бакалавр** – бакалавр прогаммасы боюнча өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн, даярдыгын кеңейтүү үчүн магистратурага кирүүгө жана кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укук берген жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациялык даражасы;

**билим берүү программасы** – кесиптик билим берүүнүн тиешелүү даражасы боюнча билим берүүнү уюштуруунун максатын, милдетин, күтүлүүчү натыйжаларды аныктоочу конкреттүү багыт, адистик же кесип боюнча билим берүүнүн мазмуну;

**билим берүүнүн дистанттык түрү** – окутуу процессинин жүрүшүндө студент менен окутуучунун түздөн-түз карым-катышысыз эле студентке керектүү болгон маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк түзгөн телекоммуникация технологияларынын жыйындысы пайдаланылган билим берүү процесси;

**даярдоонун багыты** – Кыргыз Республикасындагы квалификациянын улуттук алкагынын деңгээлине ылайык адистерди даярдоочу билим берүү программаларынын жыйындысы;

**дисциплиналардын циклы** – окутуунун, тарбиялоонун максатына жана натыйжасына багытталган билим берүү программаларынын бөлүгү же белгилүү логикалык түзүмгө ээ болгон окуу дисциплиналарынын жыйындысы;

**жалпыланган эмгек функциясы** – конкреттүү өндүрүштүк, өндүрүштүк эмес же бизнес-процессте түзүлгөн жана кесиптик стандарттын бирдиги болуп эсептелген өз ара байланыштагы эмгек функциясынын жыйындысы;

**жарактуу нормативдик ички жобо** – бул стандартты иштеп чыгууга негиз болгон ички нормативдик жоболор;

**жумуш ордунда окутуу** – билим берүү мекемесинде милдеттүү практикалык билим берүү, кесиптик билим жана көндүмдөр менен камсыздоо жана билим берүү мекемесинин өндүрүш комплекстеринде, бөлүмдөрүндө же ишкана/уюмдун базасында иш тажрыйбага ээ болуу аркылуу жалпы жана кесиптик билимге, көндүмгө багытталган адис даярдоонун системасы;

**интеграцияланган программа** – бүтүрүүчүлөргө жалпы негизги билими аркылуу орто билимге ээ болууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн баштапкы жана орто кесиптик билим берүүнүн программаларынын негизинде иштелип чыккан билим берүү программасы;

**квалификация** – белгиленген үлгүдөгү документ аркылуу тастыкталган, билим алууга жана кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү түрүн аткарууга даярдыгын аныктоочу билимдин, көндүмдүн жана социалдык-инсандык компетенциялардын деңгээли;

**квалификациянын улуттук алкагы** – квалификация ыйгаруу жана шайкештикти баалоо системалары үчүн негиз болуучу улуттук квалификациялык подсистемаларды координациялоого жана интеграциялоого, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыздоого багытталган критерийлерге ылайыкташкан квалификациялык деңгээлдин структураланган көрүнүшү;

**кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси** – эмгек ишмердүүлүк процессиндеги таасирлерге багытталган предметтер, көрүнүштөр, процесстер;

**кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жана белгиленген эмгек функциясын аткаруу үчүн зарыл болгон квалификациянын мүнөздөмөсү,

**кесиптик/эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү** – эмгек шартыныны, мүнөзүнүн жана натыйжасынын жакындыгына карай жалпыланган кызматтык милдеттердин жыйындысы.

**компетенция** – студенттин белгилүү бир чөйрөдө натыйжалуу, жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билим алуу даярдыгына алдын ала коюлган коомдук талап (норма);

**кош квалификация** – эки багыт (профиль)/ адистик боюнча биргелешкен билим берүү стандартынын негизинде билим берүү программаларын ишке ашыруу процессинде ээ болгон квалификация;

**кредит** – негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек жүктөмүнүн шарттуу өлчөмү (чегерим бирдик);

**магистр**– аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhD) (профиль боюнча) окууга кабыл алууга жана кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашырууга укук берген жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациялык даражасы;

**мамлекеттик билим берүү стандарты** – билим берүү программаларынын мазмунун, окутуунун максатын жана натыйжаларын, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоонун базалык талаптарын аныктоочу формалдуу билим берүүнүн жалпы макулдашылган талаптарынын жыйындысы

**модуль** – окутуунун, тарбиялоонун максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бир бөлүгү;

**негизги билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду жана даярдоонун тиешелүү багыттары боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну иретке келтирүүчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;

**окутуунун гибридный методу** – педагог менен окуучунун түздөн-түз байланышы жана онлайн-окутуу жолу аркылуу окутуунун салттык методу менен айкалышкан окуу процессиндеги окутуу методу;

**окутуунун кредиттик технологиясы** – окуп-үйрөнүүчү дисицплиналарды ырааттуу пландаштыруунун жана өз алдынча тандоонун негизинде кредит топтоо жолу менен студентти окутуу;

**окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар же окутуу процессин ийгиликтүү аяктагандан кийин студенттен кандай билим, билгичтик жана көндүм күтүлөрүн белгилөө;

**окутуунун онлайн формасы –** убакыттын белгиленген режиминде маалымат технологияларын пайдалануу менен дистанттык билим берүү;

**өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар –** стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;

**профиль** – кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси жана (же) негизги билим берүү программасынын белгилүү бир кесиптин түрүнө багытталышы;

**семестрдик окуу планы** – белгиленген академиялык мөөнөттө (окутуучунун семестрдеги окуу ишмердүүлүгүнүн көлөмүнө жараша) окутуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылуучу окуу планы;

**студенттин жекече окуу планы** – семестрде көрсөтүлгөн окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлгөн студенттин семестр ичиндеги окуу программасын аныктайт;

**тармактык билим берүүнүн формасы** – билим берүү программасынын бир нече билим берүү мекемелери тарабынан ишке ашырылышы;

**тандоо курстары** – кредиттин негизинде тандалып алынган компоненттерди камтыган, студенттин жеке даярдыгын чагылдырган, тигил же бул аймактын керектөөсүн жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим берүү мекемеси тарабынан белгиленген окуу дисциплиналары;

**тездетилген программа** –окутуунун мурунку натыйжаларын эске алуу менен кыскартылган мөөнөттө билим берүүнү камсыз кылуучу программа;

**soft skills (жумшак көндүмдөр)** – эмоционалдык жана чыгармачыл интеллект, иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү тарбиялоо, күтүлбөгөн кырдаалдардагы чыгармачыл жана сын көз менен кароо мамилеси.

НББПда төмөнкүдөй **КЫСКАРТУУЛАР** колдонулат:

ББП – билим берүү программасы
БКББ – башталгыч кесиптик билим берүү
БПП – бирдиктүү педагогикалык процесс
ЖКББ – жогорку кесиптик билим берүү
ЖКК – жалпы кесиптик компетенция
ИББӨК – илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси
ИК – инструменталдык компетенция
КК – кесиптик компетенция
КР КУА – Кыргыз Республикасында квалификациянын улуттук алкагы
КТИ – класстан тышкаркы иштер
КТКЕС (ECTS) – кредит топтоонун жана которуунун европалык системасы
МББС – мамлекеттик билим берүү стандарты
МБТ – маалыматтык байланыш технологиялары
НББП – негизги билим берүү программасы
НББП ПЦ – негизги билим берүү программасындагы предметтердин циклы
ОКББ – орто кесиптик билим берүү
ОУБ – окуу-усулдук бирикме
ӨАИББС – өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты
ПОК – профессордук-окутуучулук курам
СЖОП – студенттин жекече окуу планы
СИЖМК - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция
ОТК – окутуунун техникалык каражаттары
СИИИ – студенттин илим изилдөө иши
СОУИ – студенттин окуу-усулдук иши

## 2-БАП. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН КОЛДОНУЛУУ ЧӨЙРӨСҮ

Негизги билим берүү программасы ар бир адистиктин өзгөчөлүгүнө жараша түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдык актыларга, мамлекеттик билим берүү стандартына жана жогорку билим берүү уюмунун ички жоболоруна ылайык келет.

**550300 Филологиялык билим берүү багытынын (профили – кыргыз тили жана адабияты)** бакалавр квалификациясы үчүн билим берүү стандартын колдонуучулар:

- окуу жайда негизги кесиптик билим берүү программаларын илимдин, техниканын жана коомдук чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен иштеп чыгууга, аны натыйжалуу ишке ашырууга жана жаңылоого жооптуу ЖОЖдун жетекчилиги жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер);
- билим берүү мекемесинин жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоого, аны илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен актуалдаштырууга жана кошумчалоого, билим берүүнүн натыйжаларына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүгө катышуучу профессордук-окутуучулук курам;
- негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдө окуу ишин натыйжалуу ишке ашырууга жооптуу студенттер;
- компетенцияларга негизделген окуу процессин уюштурууга, бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына жооптуу билим берүү мекемесинин, окуу-усулдук бирикменин жетекчилиги, институттун директорлору, факультеттин декандары, кафедра башчылары, бөлүм башчылар, предметтик-циклдык комиссиянын жетекчилери ж.б.
- бүтүрүүчүлөрдүн билим сапатын жана окуудагы жетишкендиктерин баалоочу мамлекеттик аттестациялык жана сынак комиссиясы;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштырууда адистикти/багытты аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүнө тиешелүү иш берүүчүлөр;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоочу уюмдар;
- билим берүү чөйрөсүндөгү билим берүү программаларын аккредитациядан өткөрүүчү ыйгарым укуктуу уюмдар;
- билим берүү чөйрөсүндө мыйзамдуулукту жана жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөнү жана сактоону камсыздоочу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү.

## 3-БАП. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МӨӨНӨТҮ ЖАНА КӨЛӨМҮ

### 3.1. ЖКББ НББПнын жалпы мүнөздөмөсү

550300 Филологиялык билим берүү багыты (профили – кыргыз тили жана адабияты) боюнча бакалаврды даярдоонун негизги билим берүү программасы жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде иштелип чыгып, ректордун (№201. 29.05.2025) буйругу менен бекитилген билим берүү стандартынын негизинде түзүлдү. Бул стандарт мамлекеттик билим берүү стандарты менен барабар болуп, жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарынын бирдиктүү структурасына ээ жана студентке билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүк берет, билим берүү программасын ишке ашыруунун конкреттүү талаптарын белгилейт. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн шарттарына жана натыйжаларына коюлган талаптар мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынан төмөн болбойт.

550300 Филологиялык билим берүү багытынын (профили – кыргыз тили жана адабияты) бакалавр квалификациясы боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн НББПсын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун эрежелеринин, талаптарынын жана нормаларынын жыйындысын өзүнө камтыйт жана бакалавр квалификациясы боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн жана квалификация ыйгаруунун жыйынтыктары боюнча адис даярдоого коюлган талаптарды белгилейт.

Негизги билим берүү программасы даярдоонун багыты (адистиги) боюнча оз алдынча иштелип чыгып, университеттин Окумуштуулар кеңешинин жыйналышында каралат жана ЖАМУнун ректору бекитет.

### 3.2. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине коюлган талаптар

Бакалавр квалификациясынын негизги билим берүү программасын ишке ашыруу төмөнкү формаларда жүргүзүлөт:

- күндүзгү;
- сырттан / онлайн (дистанттык технологияны пайдалануу менен).

550300 Филологиялык билим берүү багытындагы (профили – кыргыз тили жана адабияты) бакалаврга тапшырууда талапкер төмөнкү документтердин бирине ээ болушу керек:

- ЖКББ билим берүү программасына:
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатына.

**3.3. 550300 Филологиялык билим берүү багытынын НББП өздөштүрүүнүн мөөнөтү.** Жалпы орто билимдин базасында ЖКББ бакалавр квалификациясы боюнча күндүзгү окуу формасынын мөөнөтү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан кийинки каникулдарды кошкондо 4 жылды түзөт.

Күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырттан окуу формаларынын негизги билим берүү программасын ишке ашыруунун мөөнөтү окутуунун ар түрдүү формаларынын айкалышына жана дистанттык билим берүү технологияларынын пайдаланылышына карабастан окутуунун күндүзгү формасынын нормативдик мөнөтүнөн 1 (бир) жылга узартылат.

Студенттин жекече окуу планы боюнча билим алуусунун мөөнөтү билим берүү мекемесинин окуу процессин уюштуруу жана академиялык саясат жөнүндөгү ички нормативдик актыларынын негизинде аныкталат.

Билим берүү мекемеси тездетилген программа менен окутуу мөөнөтүн мурда өздөштүргөн дисциплиналар (модуль) жана/же жумуш ордунда окутуунун түрлөрү боюнча окутуунун толук жана жарым-жартылай жыйынтыгына жараша кайра аттестациялоонун (переаттестациялоонун) натыйжасында аныктайт.

Билим берүү мекемеси тиешелүү профиль боюнча орто же жогорку кесиптик билими бар адамдарга мурунку алган билимдеринин жыйынтыгын эске алуу менен, тездетилген билим берүү программалары боюнча окууга укук берет. ОКББ профили менен ЖККБ профилинин ылайык келишин билим берүү мекемеси өз алдынча аныктайт.

Онлайн же дистанттык окуу формада окуган студенттерге практиканын бардык түрлөрүн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны онлайн жана дистанттык формада жүргүзүүгө уруксат берилбейт.

**3.4. Негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жалпы эмгек көлөмү.**

550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча бакалаврга даярдоонун билим берүү программасынын жалпы эмгек көлөмү студенттин жекече окуу планындагы окутуунун формасына, колдонулган билим берүү технологиясына, кош квалификация ыйгаруу, тармактык билим берүү (билим берүү программасын бир нече билим берүү мекемелеринде өздөштүрүү) өзгөчөлүктөрүнө, анын ичинде, окутуунун тездетилген формасына карабастан 240 кредитти түзөт.

Бир багыт боюнча эки билим берүү стандартынын айкалышынан турган билим берүү программасын ишке ашыруунун негизинде кош квалификация ыйгарылат, анын эмгек көлөмү 60 кредиттен кем эмес болуп, окутуу мөөнөтү 1 (бир) жылдан кем эмес мөөнөткө узартылат.

Окутуунун күндүзгү-сырткы (кечки) формасында аудиториялык сабактардын жумалык көлөмү 16 сааттан ашпоого тийиш.

Окутуунун кредиттик технологиясын пайдалануу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттин жалпы санын түзөт. Окутуу ишинин бардык түрүнүн эмгек көлөмү окуу планындагы КТКЕСтин (ECTSтин) кредити менен берилет. Студенттин окуу иштеринин 1 (бир) академиялык кредити (аудиториялык саатты, өз алдынча ишти жана аттестациянын бардык түрүн кошкондо) 30 академиялык саатка барабар. Бир академиялык сааттын узактыгы 50 минутту түзөт.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек көлөмү 60тан кем эмес жана бир окуу семестри 30дан кем эмес кредитке барабар.

Күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын эмгек көлөмү окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда бир окуу жылында бакалавр үчүн 48ден кем эмес кредитти түзөт.

## 4. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУГА ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА КОЮЛГАН ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

### 4.1. Бакалавриатты даярдоонун НББПнын максаты (миссиясы)

550300 Филологиялык билим берүү багытынын (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалавр квалификациясын даярдоонун НББПсынын миссиясы – заманбап билимге, кесиптик компетенцияларга жана көндүмдөргө ээ болгон, эмгек рыногунун талаптарына жана илим менен техниканын өнүгүшүнө шайкеш келген адистерди даярдоо.

550300 Филологиялык билим берүү багытынын (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалавр квалификациясын даярдоонун НББПсынын миссиясына ылайык НББПнын максаттары иштелип чыкты.

**Профиль боюнча НББПнын структурасына талаптар**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили үчүн НББПнын структурасы төмөнкүдөй блоктордон турат:

**1-блок** – Дисциплиналар (модулдар);

**2-блок** – Практика;

**3-блок** – Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.

**1-цикл. Жалпы гуманитардык цикл ( 26 кредит);**

**1-максат:** Болочоктогу педагогду гумандуулук көз карашка, карым-катыштын жогорку маданиятына ээ, филология илиминин социалдык жана этикалык аспектилерин түшүнгөн, ар тараптан өнүккөн инсан катары калыптандыруу.

**Милдеттер:**

- филологдун коммуникативдик жана педагогикалык-этикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- кесиптик жана жарандык жоопкерчилигин калыптандыруу;
- мамлекеттик жана расмий тилдердин нормаларын, иштиктүү баарлашуу көндүмдөрүн өздөштүрүү;
- билим берүүнүн укутук жана экономикалык негиздерин үйрөтүү.

**2-цикл. Математикалык жана табигый илимдер циклы (10 кредит);**

**2-максат:** Адамдын жашоо тиричилигинин негизин түзгөн педагогика-психологиялык жана физиологиялык процесстерди түшүнүү үчүн фундаменталдуу илимий базаны калыптандыруу.

**Милдеттер:**

- педагогика, психология, адамдын анатомия, физиология жана гигиенасынын негиздерин өздөштүрүү;
- маданият аралык коммуникациянын, сүйлөө маданиятынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана норма, эрежелерин түшүнүү;
- тил илимине жана адабият таанууга киришүүнүн негиздерин үйрөтүү.

**3-цикл. Кесиптик цикл, анын бөлүмдөрү ( 166 кредит):**

**3-максат:** Бүтүрүүчүнүн кыргыз тил илиминин, кыргыз адабиятынын тарыхы жана теориясы боюнча илимий билимдерге, практикалык ык-машыгууларга даярдыгын жана социалдык мобилдүүлүккө, эмгек рыногуна туруктуулугун камсыздоочу, диплом алгандан кийин билимин улантууга, кесиптик чөйрөсүндө кесипкөй адис болууга даярдыгын аныктоочу кесиптик компетенцияларды калыптандыруу.

**Милдеттер:**

- негизги кесиптик дисциплиналарды өздөштүрүү (фонетика, лексикология, грамматика, стилистика, текст таануу, текстке лингвистикалык талдоо, фольклор, кыргыз адабиятынын этаптары, адабият теориясы, чет элдер адабияты, адабий сын, көркөм котормо ж.б.);
- филологиялык билгичтиктерди калыптандыруу;
- грамматикалык жана адабий талдоолордун негиздерин өздөштүрүү;
- филология багытындагы илимий-усулдук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө багыт берүү;
- кесиптик этиканы жана жамаатта эмгектенүүнү өнүктүрүү.

**4-Ц. – Практикалар (32 кредит)**

**4-максат:** Бүтүрүүчүнүн билим берүү чөйрөсүндө өз алдынча кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө, теориялык алган билимдерин практикада бышыктоого даярдыгын камсыздоо.

**Милдеттер:**

- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, практикалык ыкмаларын өздөштүрүү;
- окуучулар жана эмгек жамааты менен карым-катыш жасоо көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- окутуу процессинде окутуунун жана тарбиялоонун, педагогиканын дидактикалык принциптерин пайдалануу
- кесиптик жактан өзүн-өзү үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө даярдыгын калыптандыруу.

**5-Ц. – Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (6 кредит)**

**5-максат:** Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн бүтүрүүчүгө зарыл болгон компетенциялардын калыптандырылышын тастыктоо.

**Милдеттер:**

- жалпы, жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруунун деңгээлин баалоо;
- педагогикалык ишмердүүлүккө практикалык жактан даярдыгын көрсөтүү;
- квалификациясын жогорулатуу жана андан ары билим алууга мотивация берүү.

**4.2. НББПны иштеп чыгуу.** Билим берүү мекемеси эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен ЖККБ НББП өз алдынча иштеп чыгат. НББП билим берүү стандартынын негизинде тиешелүү багытка, квалификациянын улуттук, тармактык алкагына жана колдо бар кесиптик стандартка ылайык иштелип чыгат.

Билим берүү программасындагы дисциплиналарды (модулдарды), алардын эмгек көлөмүн билим берүү мекемесинин тиешелүү структуралары (институттар, факультеттер) аныктайт.

ЖКББ билим берүү программасында милдеттүү (базалык) дисциплиналарды жана студенттин тандоо курсундагы дисциплиналарды камтылууга тийиш. Тандоо курсундагы дисциплиналар кесиптик цикл үчүн сунушталат. Тандоо боюнча дисициплиналардын каталогу билим берүү мекемеси (тиешелүү институттар, факультеттер) тарабынан аныкталат.

Милдеттүүлүгү, ырааттуулугу боюнча “А”, “В” жана “С” топторундагы дисциплиналарды бөлүштүрүү, алардын сааттык көлөмү билим берүү мекемесиндеги окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболорго жана бул Макеттин тиркемелерине ылайык аныкталат.

Билим берүү мекемеси окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүүлүгүн камсыздоого, киришүү курстарын жүргүзүүгө, жекече окуу траекториясын түзүү үчүн сурамжылоо аркылуу студенттин кызыгуусун жана каалоосун

аныктоого милдеттүү. Студент билим берүү мекемеси сунуштаган академиялык кеңешчинин катышуусунда өзүнүн жекече окуу планын түзөт.

**4.3. ЖКББ билим берүү программасын ишке ашырууда билим берүү мекемесинин милдеттери:**

- социомаданий чөйрө түзүү;

- инсанды ар тараптын өнүктүрүү жана социалдаштырууга жана студенттин ден соолугун сактоого зарыл шарттарды түзүү;

- өзүн-өзү башкаруунун өнүктүрүү, студенттин коомдук уюмдардын, чыгармачыл клубдардын, студенттердин илимий коомдорунун иштерине катышуусун камтыган билим берүү процессинин тарбиялоо/сабактан тышкаркы компоненттерин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

Билим берүү мекемеси билим берүү программасын иштеп чыгууда студенттерди өз укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, тандап алган дисциплиналардын алар үчүн милдеттүү экендигин, алардын саат көлөмүнүн суммасы окуу планында каралган сааттардын кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

Билим берүү мекемеси билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны жана санариптештирүүнү камсыздоого милдеттүү.

**4.4. Билим берүү программасын ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар:**

- ЖКББ билим берүү программасынын чегинде студент окуу мөөнөтүнүн көлөмүнө ылайык тандоо курсундагы дисциплиналарды өздөштүрүүгө негиз болуучу конкреттүү дисциплиналарды тандоого укуктуу;

- билим берүү мекемесинде студент өзүнүн жеке билим алуу траекториясын түзүүдө тандоо курсундагы дисциплиналардын болочоктогу кесибине тийгизүүчү таасири боюнча кеңеш алууга укуктуу;

- билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжага жетишүү максатында, компетенцияларды жана студенттин өзүн-өзү башкаруусун өнүктүрүүдө коомдук уюмдардын ишине, спорттук жана чыгармачыл клубдарга, студенттердин илимий коомуна катышууга укуктуу;

- студент билим берүү мекемесинин билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;

- студенттин окуу жүктөмүнүн көлөмү бардык аудиториялык жана сабактан тышкаркы (өз алдынча) иштерди кошкондо жумасына 38 сааттан кем болбойт. Студенттин жумалык окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү билим берүү мекемеси тарабынан белгиленет.

- бакалаврды/адисти даярдоодо окутуунун күндүзгү формасында жумалык аудиториялык саттын көлөмү ар бир дисциплинаны өздөштүрүүгө бөлүнгөн сааттын жалпы көлөмүнүн 35%ынан кем болбойт.

- окуу жыл ичиндеги каникул күндөрүнүн жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзөт, анын ичинен, кышкы каникул окуу жумаларына жараша эки жумадан кем болбойт.

**ЖАМУда тарбиялык иштердин негизги багыттары:**

- интеллектуалдык-чыгармачылык өнүгүү;
- көркөм-эстетикалык тарбия;

- жарандык позицияны жана патриоттук сапаттарды калыптандыруу;
- түрдүү улуттардын өкүлдөрүнө толеранттуу мамиле жасоого тарбиялоо;
- дене тарбиясын жана массалык спортка катышууну өнүктүрүү;
- студенттик жатаканаларда турмуш-тиричилик шарттарынын сапатын жогорулатуу.

Тарбиялык иштерди уюштуруу жана координациялоо, таланттуу студенттерди колдоо иштерин мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор университеттин структуралык бөлүмдөрүнүн: институттардын директорлору, кафедра башчылары, жаштар комитети, спорт клубдары, студенттик жатаканалар менен бирдикте ишке ашырат. Бул багыттагы ишмердүүлүктөр окуу жана календардык жыл үчүн университеттин ректору тарабынан бекитилген тарбиялык иштердин планы боюнча жүргүзүлөт. Институттун деңгээлиндеги тарбиялык иштер институттун директору, анын орун басарлары, кафедра башчылары, тайпалардын кураторлору жана профессордук-окутуучулук курам тарабынан уюштурулат.

**4.5. Студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин “Академиялык мобилдүүлүк жөнүндөгү” Жобосу Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 28-апрелиндеги №7 протоколу менен бекитилип, 2025-жылдын 26-майындагы №10 пртоколу менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул Жобо Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттеринин академиялык мобилдүүлүгүн жана кызматкерлеринин иш сапарларын уюштуруунун жалпы эрежелерин аныктайт. Аталган Жобонун негизинде жүргүзүлүүчү академиялык мобилдүүлүк студенттердин жана окутуучулар менен изденүүчүлөрдүн билим алуу же илим изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн аныкталган бир академиялык мезгилде (семестр же окуу жылы) башка жогорку окуу жайында (өлкөнүн ичиндеги же чет өлкөдөгү) өздөштүргөн билим берүү программаларын кредиттер түрүндө өзүнүн окуу жайында же башка ЖОЖдо окуусун, ишин улантуу үчүн милдеттүү түрдө орун которуу болуп саналат. Академиялык мобилдүүлүктү координациялоо максатында окуу жайда ЖОЖ боюнча координатор жана ар бир институтта координаторлор дайындалып, координатордук милдетти окуу бөлүмү аткарат.

1. Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу

Академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу максатында жиберилген студент институтка (же координаторго) төмөнкү документтерди тапшырат: студенттин арызы, паспорту, транскрипти.

2. Профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкерлердин ишмердүүлүгүндө: квалификациясын жогорулатуу, тажрыйба алмашуу, эл аралык конференция, симпозиумдарга катышуу жана чет өлкөлөргө кызмат сапарына баруу үчүн тышкы байланыштар бөлүмүнө төмөнкү документтер тапшырылат: кол жазма түрүндө ректорго жазылган арыз, чакыруунун көчүрмөсү.

Чет өлкөлөргө кызмат сапарына чыккан окутуучунун сабактары белгиленген тартипте башка окутуучулар тарабынан алмаштырылат.

3. Факультетте академиялык мобилдүүлүк боюнча окуу бөлүмү жана ECTS программаларынын координатору төмөнкүлөрдү аткарат: билим берүү программаларына мониторинг жүргүзөт жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча ЖОЖ-өнөктөштөр менен кызматташуу келишимдерин түзүүнү уюштурат (окуу бөлүмү менен макулдашылат). Тиешелүү кафедралар менен бирге чет өлкөлүк билим берүү мекемесинен

академиялык мобилдүүлүктү пландаштырган мезгили үчүн дисциплиналардын толук тизмеси көрсөтүлгөн чакыруу каттарды алууну уюштурат. Бүтүрүүчү кафедранын башчысы менен бирге окутула турган дисциплиналардын тизмесин аныктайт жана чет өлкөлүк окуу жайларында окутулуучу дисциплиналарга студенттерди каттоого арыз-өтүнүчтү даярдайт. Арыз-өтүнүч менен кайрылуучунун (студенттин) жана эки жогорку окуу жайдын ортосунда чет өлкөлүк окуу жайларында окутуу боюнча үч тараптуу макулдашууну түзөт. Академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча билим алуу мүмкүнүчүлүктөрү жөнүндө студенттердин арасында кеңири маалымат берүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзөт (айына бир жолудан кем эмес). Маалыматтарды ЖАМУнун веб-сайтына жайгаштырат жана институттун ММКлары аркылуу маалымдайт.

Аталган Жобонун негизинде **550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты** профилиндеги студенттерге билим берип жаткан кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан төмөндөгү окуу жайларда **академиялык мобилдүүлүктүн** алкагында конок лекциялар өтүлдү:

1. Доцент Г.К.Бакирова Өзбекстан Республикасындагы Фергана мамлекеттик университетинин немец-француз тилдер кафедрасында окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнүн алкагында 72 сааттык конок лекция өттү. Мөөнөтү: 13-15.03.2023-ж.

2. Профессор И.Абдувалиев М,Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинде Кыргызстандагы орус тилдүү мектептер үчүн даярдалып жаткан студенттерге “Кыргыз жана түрк тилдеринин салыштырма изилдөөлөрү” деген темада лекция өтүп, академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган талкуулга катышты. Мөөнөтү: 07-08.11.2025-ж.

3. Доцент Г.К.Бакирова Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетиндеги студенттерге “Тексттин табияты”, “Текст түзүүнүн активдүү ыкмалары” деген темаларда конок лекцияларды өттү. 17-18.04.2025-ж.

4. Профессор И.Абдувалиев М,Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университетинде Кыргызстандагы орус тилдүү мектептер үчүн даярдалып жаткан студенттерге “Кыргыз тили” курсу боюнча лекцияларды окуду. Мөөнөтү: 27.05-05.06.2025-ж.

**Академиялык мобилдүүлүктүн алкагында башка окуу жайларынан** кафедрага келип, конок лекцияларды өткөн тилчи, адабиятчы окумуштуулардын сабактары боюнча маалымат:

1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин тил илими кафедрасынын профессору, ф.и.д. Т.С.Маразыков “Тил илиминин теориялык маселелери” деген темада конок лекция өттү. 12.04.2024-ж.

2. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин окутуучулары: ф.и.к., доцент Н.Ы.Осмонова “Кеп техникасы жана баарлашуу маданияты” деген темада, ф.и.к. кыргыз адабияты кафедрасынын доценти Ж.М.Орозалиева “Улуттук идеология, репрессиялар жана кыргыз адабияты” деген темаларда лекцияларды окушту. 11.03.2025-ж.

3. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин тил илими кафедрасынын профессору, ф.и.д. Т.С.Маразыков “Коммуникативдик багыттагы изилдөөлөрдүн өзгөчөлүктөрү” деген темада конок лекция өттү. 22.05.2025-ж.

4. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин деканы, тил илими кафедрасынын доценти, ф.и.к. Б.А.Жайлообаев “Кыргыз тилинин синтаксисиндеги айрым такталбаган маселелер” деген темада конок лекция өттү. 12.09.2025-ж.

5. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин окутуучулары: ф.и.д., тил илими кафедрасынын башчысы, профессор А.У.Акынбекова “XXкылымга чейин кыргыз эли колдонгон жазуулар” деген темада (Кт-1-25 тайпасы), доцент Н.Ш.Турдубаева “Жусуп Баласагындын мурасы, түрк элдеринде таанылышы жана изилдениши” (Кт-1-23 тайпасы) деген темаларда лекция окушту. 13.11.2025-ж.

**550300 Филологиялык билим берүү багытынын (кыргыз тили жана адабияты профили) НББПнын стратегиялык максаты** билим берүү чөйрөсүндөгү атаандаштыкка туруктуу, аналитикалык, изденүүчүлүк жана лидердик сапаттарга ээ, улуттук баалуулуктарды өзүнө сиңирген жогорку квалификациялуу филологдорду даярдоо болуп саналат.

**550300 Филологиялык билим берүү багыты (кыргыз тили жана адабяиты профили) программасынын стратегиялык милдети** – кыргыз тил илиминин жана кыргыз адабиятынын тарыхы жана теориясы боюнча илимий-теориялык билимдерге жана практикалык ык-машыгууларга, өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнө зарыл болгон компетенцияларга ээ, филология чөйрөсүндө билимин жана практикалык тажрыйбасын пайдаланууга жөндөмдүү адистерди даярдоо.

**ЖКББ НББПнын максаттарына ылайык окутуунун натыйжалары аныкталат.**
**550300 Филологиялык билим берүү багыты (кыргыз тили жана адабияты профили) боюнча компетенциялардын жана окутуунун натыйжаларынын матрицасы**

| ОН № | Окутуунун натыйжалары | Компетенция-лар |
|---|---|---|
| **1-ОН** | Эне тилде (С1), орус тилинде (В2) жана чет тилдердин биринде (В1) деңгээлинде оозеки, жазуу түрүндө карым-катыш жасоого, кесиптик компетенттүүлүгүндө жоопту чечимдерди кабыл алууга, педагогикалык-этикалык принциптерди кармануууга, конфликтүү кырдаалдарды конструктивдүү чечүүгө, ишенимге жараша жана маданий айырмачылыктарды сабырдуу кабыл алууга, квалификациясын жогорулатууга, мыйзамдарды жана укуктук актыларды сактоого, билим берүү ишмердүүлүгүн, дискуссияларды аргументтештирүүгө, гуманитардык жана коомдук илимдердеги талдоо усулдарын пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү | ЖК-1<br>ЖК-6<br>ЖК-8<br>ЖКК-14 |
| **2-ОН** | Коомдук маанидеги маселелерди, процесстерди, саясий тенденцияларды талдоого, жарандык позицияны калыптандыруу үчүн мамлекеттин саясатын баалоого, курчап турган чөйрө жөнүндөгү илимий билимдердин системасын колдонууга, демократиялык жарандык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө багытталган жашоо образына, маданиятка багыт алууга жана активдүү жарандык позицияны ээлөөгө, демилгелерди өстүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыздоого, дүйнө таанымдык, социалдык жана инсандык проблемаларды чечүүгө, адамдарды урматтоого, башка маданиятка толеранттуулукту көрсөтүүгө жөндөмдүү; | ЖК-2<br>ЖК-5<br>ЖКК-6<br>ЖКК-13<br>ЖКК-17 |

| | | |
|---|---|---|
| **3-ОН** | Кесиптик чөйрөдө идея жаратууга, сын көз менен ой жүгүртүүгө, башка көз караштарды талдоого жана топтоштурууга, далилдүү жана конструктивдүү ой жүгүртүүгө, өзүн-өзү башкарууга, бизнестеги күтүүсүз кырдаалдарда психологиялык туруктуулукка жана изденүүчүлүк көндүмдөргө ээ болууга, өз ишинин натыйжасы үчүн юридикалык жоопкерчиликти алууга, педагогикалык этиканын эрежелерин сактоого, билим берүүдө экономикалык усулдарды пайдаланууга, ден соолукту кароого, жашоо коопсуздук, коомдук тартип эрежелерин сактоого, педагогикалык ишмердүүлүгүн сын көз менен кароого жана аны коюлган талаптарга ылайыкташтырууга, жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүүсү үчүн милдеттерди коюуга жөндөмдүү; | ЖК-3<br>ЖК-8<br>ЖКК-7<br>ЖКК-8 |
| **4-ОН** | Заманбап маалыматттык, телекоммуникативдик технологияларды колдонууга, ал аркылуу маалыматтарды алууга жана пайдаланууга, кесиптик милдеттерди аткаруу үчүн маалыматтык коопсуздуктун негизги талаптарын эске алуу менен, компьютердик техникаларды, матемаликалык методдорду пайдаланууга, санариптик, техникалык жана креативдик экономикага ийкемдүү мамиле кылууга жөндөмдүү; | ЖК-4<br>ЖК-7<br>ЖКК-9<br>ЖКК-10<br>ЖКК-11 |
| **5-ОН** | Окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, усулун билет жана алардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө, окуу программаларын, аларга ылайыктуу дидактикалык материалдарды өз алдынча тандоого жана педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окуу процессинде ыңгайлаштырып колдонууга, окуу планындагы дисциплиналар боюнча темалардын, программанын бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүгүнө карай сабактарды пландаштырууга жөндөмдүү; | ЖК-9<br>ЖКК-2<br>ЖКК-12 |
| **6-ОН** | Кесиптик ишмердүүлүгүндөгү милдеттерди чечүүдө психологиялык жана педагогикалык билимдерди, педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын колдонууга, кесиптик интеграцияланган билимдерди, иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди колдонууга, ой жүгүртүү менен түшүнүүгө багытталган билимдердин кеңири диапазонуна ээ болууга, окутуу жана тарбиялоо боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге, инновациялык долбоорлорго катышууга, учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү; | ЖК-10<br>ЖКК-1<br>ЖКК-5<br>ЖКК-15<br>КК-1<br>КК-13<br>КК-14 |
| **7-ОН** | Усулдук маселелерди чечүү ыкмаларын, окутуунун түрдүү усулдарын, интерактивдүү формаларды, адабиятты, предметти жана тилди интеграциялап окутуунун ыкмаларын (CLIL) колдонууга, окутуунун сапатын баалоо технологияларын пайдалануу менен педагогикалык ишмердүүлүктү уюштурууга жөндөмдүү; | ЖК-11,<br>ЖКК-3,<br>ЖКК-4<br>КК-8, КК-10,<br>КК-14 |
| **8-ОН** | Окуп жаткан тилде оозеки, жазуу кебин кабылдоо, түшүнүү, көп кырдуу анализдөө билгичтиктерине, негизги тилди адабий тилдик нормада өздөштүрүүгө, анын тарыхы менен азыркы абалы, тектештиги жана типологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерге ээ болууга, кыргыз тили жана адабияты боюнча | ЖК-10<br>ЖКК-19<br>КК-1 |

| | | |
|---|---|---|
| | мектеп курсун толук өздөштүрүгө жөндөмдүү; | КК-2, КК-7, КК-9 |
| **9-ОН** | Тексттин ар түрдүү типтерин, түрлөрүн иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо усулдарын, талдоо ыкмаларын колдонууга, текстти лингвистикалык жана адабият таануучулук көз караштa өз алдынча анализдөөгө жана интерпретациялоого жөндөмдүү; | ЖК-12, КК-3, КК-4, КК-11, КК-13 |
| **10-ОН** | Окуп жаткан тилдин адабиятынын тарыхый өнүгүшү менен азыркы учурдагы абалы жөнүндөгү билимдерге ээ болууга, элдик мурастардын өзгөчөлүктөрүн практикада колдоно билүүгө, алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонууга, кыргыз тилинин, адабиятынын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жана өнүгүү тенденциялары жөнүндөгү билимдерди пайдаланууга, тил илими жана адабият таануу тармагында илимий сүрөттөөнүн, изилдөөнүн методдоруна жана ыкмаларына ээ болууга жөндөмдүү. | ЖК-5<br>КК-5<br>КК-6<br>КК-12 |

| **Окутуунун максаты менен натыйжасынын карым-катышы** | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1-ОН** | **2-ОН** | **3-ОН** | **4-ОН** | **5-ОН** | **6-ОН** | **7-ОН** | **8-ОН** | **9-ОН** | **10-ОН** |
| **1-М** | + | + | + | | | | | | | |
| **2-М** | | | + | + | + | | | | | |
| **3-М** | | | | | | + | + | + | + | + |
| **4-М** | | | | + | + | + | + | + | + | + |
| **5-М** | | | | | + | + | + | + | + | + |

**4.6. НББПны жаңылоо.** Билим берүү мекемеси илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен, кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык НББПны 5 (беш) жылда бир жолу жаңылайт. Билим берүү программасын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияларды өнүктүрүү;
- НББП боюнча мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүү;
- студенттеги билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн деңгээлин баалоонун, бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүнө коюлган талаптарга ылайык иш берүүчүлөр менен макулдашылган компетенттүүлүктүн объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;
- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн калыптандыруу;
- НББПны жетиштүү каражаттар менен камсыздоо жана аларды пайдалануунун натыйжалуулугуна жетишүү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети белгилеген аккредитациянын минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү үзгүлтүксүз баалоо;
- өзүнүн ишмердүүлүгү, планы, жаңылыгы жөнүндө коомчулукту кабардар кылуу

## 5-БАП. 550300 ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

### 5. 1. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн багыты

550300 Филологиялык билим берүү багыты (кыргыз тили жана адабияты профили) боюнча билим берүү программасынын **багыты** төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жалпы тил илиминин негиздерин, анын ичинде, кыргыз тилинин тарыхы жана теориясы боюнча илимий-теориялык билимдерге жана практикалык ык-амалдарга ээ болуу;
- дүйнөлүк адабият таануу илиминин, анын ичинде, кыргыз адабиятынын тарыхы жана теориясы боюнча илимий-теориялык билимдерге жана практикалык ык-амалдарга ээ болуу;
- кыргыз тилин жана адабиятын окутуу боюнча заман талабына ылайык, эмгек рыногуна туруштук берген кесипкөй кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин катарын толуктоо;
- тилге жана адабиятка болгон кызыгууларды арттыруу;
- тил жана адабият багытындагы илимий адистердин катарын толуктоого салым кошуу;

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгү, негизинен, областтагы жалпы билим берүүчү орто мектептерде жүргүзүлөт.

### 5.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүгүнүнүн объектиси

550300 Филологиялык билим берүү багытындагы (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалавр квалификациясынын кесиптик ишмердүүлүгүнүн **объектиси** катары төмөнкүлөр эсептелет:

- кыргыз тили жана адабияты боюнча ишмердүүлүгүн жүргүзгөн билим берүү мекемелери;
- тил жана адабият багытындагы билимдерди керектөөчүлөр;
- дүйнө таанымды калыптандыруу жана дүйнөлүк тилдерди, адабиятты, улуттук тилди жана маданиятты өнүктүрүү процессиндеги ишмердүүлүктөр;
- тил комиссиясынын, кыргыз тили коомунун ишмердүүлүктөрүнө кошкон салым;
- ишкана-мекемелердеги, коомдук уюмдардагы, билим берүү мекемелериндеги адистердин тил, кеп боюнча билимин, педагогикалык чеберчилигин өстүрүүдө жана адисти кайра даярдоодо жүргүзүлүүчү иш-чаралар;
- бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү, мамлекеттик тил майрамы, “Манас” күнү, Айтматов окуулары сыяктуу даталуу күндөрдөгү ишмердүүлүктөр;
- кыргыз тилин, мамлекеттик тилди, жазуу эрежелерин, иш кагаздарын жүргүзүүнү үйрөтүүчү семинар, тренинг, курстардагы ишмердүүлүктөр ж.б.

### 5.3. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрү

550300 Филологиялык билим берүү багытынын (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалавр квалификациясынын бүтүрүүчүлөрү даярдалат:

- *кесиптик педагогикалык ишмердүүлүк боюнча* жалпы орто билим берүүчү мекемелердин бардык типтеринде кыргыз тили жана адабиятынан сабак берүүгө;
- *уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү боюнча* мектеп окуучуларын предметтик олимпиадаларга, конкурстарга даярдоодо, студент-практиканттарга усулчулук, жетекчилик милдеттерди аткарууга:

- *илим изилдөө ишмердүүлүгү боюнча* илимий-усулдук эмгектерди жазып, жарыкка чыгарууга, магистрдик даражага ээ болуп, илимий иш жазууга;

- *социалдык-педагогикалык, тарбиялоо ишмердүүлүгү боюнча* окуучулардын оозеки жана жазуу кебин, кеп маданиятын өстүрүүгө батытталган иш-чараларды жүргүзүүгө.

Бакалаврды даярдоодо кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү ЖОЖ тарабынан же иш берүүчүлөр менен бирдикте иштелип чыккан тиешелүү билим берүү программасынын мазмунун түзөт.

**5.4. Бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштырууга болгон талаптар**

Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусуна байкоо жүргүзүү үчүн ЖАМУ тарабынан иштелип чыккан эмгек рыногун анализдөөнүн методологиясы колдонулат. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусуна байкоо жүргүзүү жайгашуу коэффициентин жана бүтүрүүчүлөргө болгон эмгек рыногунун учурдагы керектөөсүнүн актуалдуулугун аныктоодо окуу жайына көмөк көрсөтүүчү алгачкы маалымат жыйноонун ыкмасы болуп саналат.

Окуу жай тарабынан бүтүрүүчүлөрдүн кесиби, адистиги боюнча канчалык деңгээлде сапаттуу даярдалгандыгын аныкталышы маанилүү. Ошондуктан окуу жайы үчүн бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусу боюнча анализ жүргүзүп, үзгүлтүксүз маалымат алып, байкап турушу актуалдуу.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы бул багытта 3 критерий боюнча өз ишмердүүлүгүнө баа берет:

- профиль боюнча бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусунун деңгээли;
- иш берүүчүлөрдүн пикирлерин эске алуу;
- бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ассоциацияларга катышуусу.

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилинин бүтүрүүчүлөрү билим берүү мекемелеринде кызматтык милдеттерин ийгиликтүү аткарууга багытталган кесиптик компетенцияларга ээ болот. Алган билимдери жана көндүмдөрү алардын учурдагы эмгек рыногу талап кылган атаандаштыкка туруктуулугун камсыз кылат.

**Практиканын базалары жана өнөктөш мекеме-уюмдар:**

Практикага багытталган даярдыктарды камсыздоо үчүн университет Манас шаарындагы жана жакынкы райондордогу билим берүү мекемелери менен кызматташат. Ал мекеме-уюмдар студенттердин өндүрүштүк-педагогикалык практикаларынын туруктуу базалары болуп эсептелет жана бүтүрүүчүлөрдү жумуш орун менен камсыз кылат.

**Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусунун жана аларга болгон талаптардын көрсөткүчтөрү**

Бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусунун акыркы 5 жылдагы анализи аларга болгон талаптардын туруктуу экендигин көрсөтөт.

**550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бүтүрүүчүлөрдүн 5 жыл ичинде ишке жайгашуусу**

**Күндүзгү окуу бөлүмү**

| Профили | 2020-2021-окуу жылы | | 2021-2022-окуу жылы | | 2022-2023-окуу жылы | | 2023-2024 -окуу жылы | | 2024-2025-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Студ саны | % | Студ саны | % | Студ саны | % | Студ саны | % | Студ саны | % |
| **Кыргыз** | 24/15 | 69% | 17/13 | 78% | 12/9 | 75% | 17/10 | 58% | 15/7 | 46% |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **тили жана адабияты** | | | | | | | | | | |

**Сырттан окуу бөлүмү**

| **Профили** | **2020-2021-окуу жылы** | | **2021-2022-окуу жылы** | | **2022-2023-окуу жылы** | | **2023-2024-окуу жылы** | | **2024-2025-окуу жылы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Студ саны** | **%** | **Студ саны** | **%** | **Студ саны** | **%** | **Студ саны** | **%** | **Студ саны** | **%** |
| **Кыргыз тили жана адабияты** | 27/16 | 64% | 14/9 | 64,26 % | 16/10 | 62,5 % | - | - | 31/17 | 55% |

**5.5. Бакалаврдын кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери**

**550300 Филологиялык билим берүү багытындагы** (кыргыз тили жана адабияты профили) бакалаврдын кесиптик ишмердүүлүгүндөгү милдеттер: педагогикалык, уюштуруу-башкаруучулук, маданий-агартуучулук, илимий-усулдук, изилдөөчүлүк.

*Кесиптик -педагогикалык ишмердүүлүктө:*

- айлана-чөйрө жөнүндөгү илимий билимдердин системасын колдонуу, ар түрдүү көз караштарды, көп маданияттуулукту кабылдоо, туруктуу өнүгүү концепцияларын билүү жана түшүнүү;
- жетекчилик алдында окутуу процессин окуучулардын заманбап, илимий жактан негизделген окуу технологияларынын талаптарына, жетишкендиктерине ылайык пландаштыруу жана окутуу;
- окуучулардын жетишүүсүн баалоонун ар түрдүү куралдарын жана критерийлерин (рефераттык маалыматтар, баяндамалар, тезистер, эссе, портфолио, кейс-стади ж.б.) колдонуу;
- окуу программасын өз алдынча тандоо, ага ылайык дидактикалык материалдарды табуу, иштеп чыгуу жана аларды окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;
- окуучулардын демократиялык коомдо жашоо үчүн зарыл болгон баалуулуктарын: жарандык жана патриоттук ишенимдерин, толеранттуулугун, көп маданияттуулугун, коомдогу укуктарын, инклюзияны кабылдоосун калыптандыруу;
- жогорку окуу жайынан башка билим берүү мекемелеринде кыргыз тили жана кыргыз адабияты предметтери боюнча сабак өтүү, окуу сааттарынын, темалардын бөтөнчөлүгүн, программанын бөлүмдөрүн эске алуу менен окуу планына ылайык пландаштыруу.

*Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүндө:*

- кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүдө укуктук-ченемдик билимдерди колдонуу жана этикалык принциптерди карманoccupied;
- кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүдө туруктуу өнүгүү принциптерин эске алуу, окутуу процессинде окуучулардын ден соолугун жана жашоо коопсуздугун коргоо;
- кесиптик ишмердүүлүктөгү милдеттерди чечүүдө коомдук жана билим берүү мекемелеринин, балдар менен ата-энелердин ортосундагы карым-катышты уюштуруу;
- педагогикалык процесске катышкан бардык субъектилердин ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү инсандар аралык мамилени уюштуруу.

*Маданий-агартуучулук ишмердүүлүгүндө:*

- окуучунун кесиптик жактан өзүн-өзү таануусу жана социалдашуусуна, аларды аң-сезимдүү кесип тандоого даярдоо үчүн шарттарды түзүү;

- педагогикалык процесстин бардык субъектилеринде инсандар аралык мамилени уюштуруу жана аларды позитивдүү жана конструктивдүү өнүктүрүү;

- окутуу жана тарбиялоо процессинин шарттарын жакшыртуу үчүн студенттин ата-энелери менен карым-катыш түзүү;

- уюштуруучулук маданияттын өзгөчөлүктөрүнө ылайык чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

*Илимий-усулдук ишмердүүлүктө:*

- билим берүү програмасын тандоо, окуу-усулдук жактан камсыздоо жана аларды окутуу процессиндеги конкреттүү шарттарга (жергиликтүү шарттарга, балдардын өзгөчөлүгүнө ж.б.) көнүктүрүү;

- окуу планына ылайык программанын бөлүмдөрүн жана темалардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен, предметтер боюнча окуу сабактарын пландаштыруу;

- предмет боюнча студенттин окуу-изилдөөчүлүк жана долбоордук ишмердүүлүгүн уюштуруу;

- инклюзия, көп маданияттуулук, социалдык нрава сыяктуу демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде окуучунун ишмердүүлүгүн пландаштыруу, мониторинг жүргүзүү жана баалоо.

*Изилдөөчүлүк ишмердигинде:*

- жетекчилик алдында филологиялык билим берүү жана аларды окутуу чөйрөсүндө кырдаалга жараша аныкталган маселелерди чечүүдө прикладдык илим изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүү;

- филологиялык билим берүүдө аларды окутуу чөйрөсүндө педагогикалык компетенцияларды калыптандыруу үчүн тажрыйбаларды системалаштыруу.

*Кесиптик жактан өнүгүү ишмердүүлүгүндө:*

- кесиптик багыттагы ишмердүүлүккө ой жүгүртүү (рефлексия);

- кесиптик багытта ой жүгүртүүдө өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча милдеттерди коюу;

- кесиптик жана инсандык жактан өзүн-өзү өнүктүрүүдө андан аркы билим берүү траекториясын жана кесиптик жактан өнүгүшүн долбоорлоо.

## 6. 550300 ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНЫН (БАКАЛАВР) БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫНА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

**6.1. 550300 Филологиялык билим берүү багытынын (профили – кыргыз тили жана адабияты)** бакалавр квалификациясынын бүтүрүүчүсү билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында төмөнкү **жалпы компетенцияларга** ээ болот:

| Багыттар | Компетенции | Окутуунун натыйжасы (ОН) |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникатив-дик көндүмдөр** | **ЖК-1**: Эл алдына чыгып сүйлөйт: өз кебинин стилин жана түрүн тандайт жана аны пайдаланат; туура, так сүйлөйт жана өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө ишке | **1-ОН:** Үч тилде пикир алышат: кесиптик чөйрөдө кыргыз тилинде С1, орус тилинде В2, чет тилдердин биринде В1 деңгээлинде кеп ишмердүүлүгүн |

| | | |
|---|---|---|
| | ашырат, кесиптик чөйрөдөгү изилдөөнүн натыйжаларын кыргыз, орус жана чет тилдеринде билдирет. | ишке ашырат. |
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар** | **ЖК-2:** Өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз менен талдайт жана баалайт, мамлекеттүүлүктүн философиясын, жарандык иденттүүлүккө, патриотизмге, укуктук маданияттын негизинде жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган, идеяларды ишке ашырууну камсыздоого жөндөмдүү. | **2-ОН:** Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтайт, мыйзамдуулукту сактайт жана аны өнүктүрүүгө, жайылтууга кам көрөт, аларды жетекчиликке алуу менен, мамлекеттин жана социалдык чөйрөнүн кызыкчылыктары боюнча жарандык, укуктук жоопкерчиликтүүлүктү көрсөтөт. |
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | **ЖК-3:** Чыгармачыл ой жүгүртүүгө ээ болуу менен жаңы идеяларды жаратат жана тышкы инновацияларга, күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат, долбоорлорду уюштурууга жана бизнеске карата аналитикалык ой жүгүртөт жана сын көз менен аракеттене алат. | **3-ОН**: Кесиптик чөйрөдө идея жаратууга, сын көз менен ой жүгүртүүгө, дагы башкача көз караштарды талдоого жана топтоштурууга, далилдүү жана конструктивдүү ой жүгүртүүгө, өзүн-өзү башкарууга, бизнестеги адаттан тышкаркы кырдаалдарда психологиялык туруктуулукка жана изденүүчүлүк көндүмдөргө жөндөмдүү |
| **STEM көндүмдөрү** | **ЖК-4:** Санариптик медиатекстти, инфографикаларды (көрсөтмөлүүлүк жана ыкчам түшүндүрүүгө керектүү кыска тексттер), негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди пайдалана алат, санариптик жана креативдик экономикада бизнестин түрдүү чөйрөсүндөгү жаңы тенденцияларга адаптацияланат. | **4-ОН:** Заманбап маалыматттык-телекоммуникативдик технологияларды жана матемаликалык методдорду пайдаланат, санариптик, техникалык жана креативдик экономикага ийкемдүү мамиле кылат. |

| **Компетенция-нын индекси** | **Жалпы компетенциялар (ЖК)** |
|---|---|
| **ЖК-5** | - курчап турган чөйрө жөнүндөгү илимий билимдердин системасын колдонууга, демократиялык жарандык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө багытталган жашоо образына, маданиятка багыт алууга жана активдүү жарандык позицияны ээлөөгө, демилгелерди өстүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыздоого, дүйнө таанымдык, социалдык жана инсандык проблемаларды чечүүгө, адамдарды урматтоого, башка маданиятка толеранттуулукту көрсөтүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖК-6** | - өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик тилде (В1деңгээлинде), расмий жана чет тилдердин биринде кесиптик баарлашуу деңгээлинде логикалык жактан туура, далилдүү жана так-таамай ишке ашырууга, кесиптик дискуссия жүргүзүүгө жөндөмдүү; |

| | |
|---|---|
| **ЖК-7** | - жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жана аларды маалымат технологияларын пайдалануу менен кесиптик ишмердүүлүктө практикалык жактан колдонууга жөндөмдүү; |
| **ЖК-8** | - иштиктүү баарлашууну ишке ашыруу жана өнөктөштүк мамилелерди түзүү үчүн ишмердүүлүктүн бардык чөйрөсүндө коммуникативдик милдеттерди коюуга жана чечүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖК-9** | - кесиптик ишмердүүлүктө уюмдун бөлүмдөрүндө инновациялык мамиледеги комплекстүү аракеттерди, процесстерди жетекчиликке алуу менен, максатка жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү; |
| **ЖК-10** | - окутууда жана кесиптик ишмердүүлүктө күтүлбөгөн шарттарда чечим чыгарууда жана жеке адамдын же топтун кесиптик жактан өнүгүшүн башкарууда жоопкерчиликти өзүнө алууга жөндөмдүү; |
| **ЖК-11** | - илимдеги, техникадагы жана технологиялардагы, кесиптик чөйрөдөгү жаңы көрүнүштөрдүн социалдык-экономикалык жана маданий таасирлерин баалоого жана талдоого, эксперттик топтун ишине катышууга жана өнүгүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгууга жөндөмдүү; |
| **ЖК-12** | - кесиптик ишмердүүлүктө ишкердик билимдерди жана жөндөмдөрдү пайдаланууга, кесиптик ишмердүүлүктө стратегияларды, инновациялык долбоорлорду иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышууга жөндөмдүү. |

**6.2.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын (профили – кыргыз тили жана адабияты) бакалавр квалификациясынын бүтүрүүчүсү билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында төмөнкү **жалпы кесиптик компетенцияларга** ээ болот:

**а) Уюштуруу багытында:**

| **Компетенция-нын индекси** | **Өз алдынча иштелип чыккан жалпы кесиптик компетенциялар** |
|---|---|
| **ЖКК-1** | - кесиптик ишмердүүлүктө маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимдерди жана педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү; |
| **ЖКК-2** | - окуучуларды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, усулун билет жана алардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖКК-3** | - окуу программаларын, аларга ылайыктуу дидактикалык материалдарды өз алдынча тандоого, педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окуу процессинде ыңгайлаштырып колдонууга, окуу планындагы дисциплиналар боюнча темалардын, бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүгүнө карай сабактарды пландаштырууга жөндөмдүү. |
| **ЖКК-4** | - усулдук маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары, ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү; |

**б) Этика жана эмгек коопсуздугу багытында:**

| **Компетенция-нын номери** | **Өз алдынча иштелип чыккан жалпы кесиптик компетенциялар** |
|---|---|
| **ЖКК-5** | - окуу процессинде окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө багытталган принциптерге (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана натыйжалуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) ылайык оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү; |

| | |
|---|---|
| **ЖКК-6** | - улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖКК-7** | - көп маданияттуу коомдо мамилелерди жөнгө салууга, этикалык жана укуктук нормаларды сактоого, окуучулардын маданият аралык айырмачылыктарына карабастан тең укуктуулугун камсыздоого жөндөмдүү; |
| **ЖКК-8** | - окуу процессинде окуучуларды окутуу жана өнүктүрүү үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө, окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү өнүгүү деңгээлин аныктоого жана терс таасирлерге жол бербөөнүн алдын алууга, ден соолугун жана жашоо коопсуздугун сактоо шарттарын түзүүгө жөндөмдүү. |

**в) Маалыматтык технологияларды колдонуу багытында:**

| Компетенция-нын индекси | Өз алдынча иштелип чыккан жалпы кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **ЖКК-9** | - кызмат жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүүдө маалымат технологияларын колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү; |
| **ЖКК-10** | - окутуунун натыйжаларын прогноздоого, математикалык, табигый, социалдык-гуманитардык илимдердин базалык жоболорунун негизинде окуудагы жетишүүсүн баалоого жана мониториг жүргүзүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖКК-11** | - компьютер менен иштөө көндүмдөрү аркылуу маалыматтарды алуунун, сактоонун жана иштеп чыгуунун ыкмаларын жана каражаттарын өздөштүрүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖКК-12** | - окутуунун заманбап, илимий жактан далилденген технологиялары боюнча окуучулардын керектөөлөрүнө, жетишкендиктерине ылайык окутуу процессин пландаштырууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү; |

**г) Баарлашуу жана кызматташуу багытында:**

| Компетенция-нын индекси | Өз алдынча иштелип чыккан жалпы кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **ЖКК-13** | - белгилүү бир адамдардын же жамааттын кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү; |
| **ЖКК-14** | - тилдердин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык мамлекеттик жана расмий тилде оозеки жана жазуу кебин логикалык жактан туура, аргументтүү, түшүнүктүү ишке ашырууга, иш жана окуу чөйрөсүндө чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү; |
| **ЖКК-15** | - педагогикалык процесстин бардык субъектилеринде адамдардын ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү карым-катышты уюштурууга, башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү; |
| **ЖКК-16** | - мектеп коомчулугунун деңгээлинде инсандар аралык жана кесиптик толеранттуу мамилелерди түзүүнү билет; |
| **ЖКК-17** | - жарандык демократиялык баалуулуктардын негизинде иштиктүү баарлашууга даяр жана активдүү жарандык позицияда болууга жөндөмдүү; |

**6.3.** 550300 Филологиялык билим берүү багытынын (профили – кыргыз тили жана адабияты) бакалавр квалификациясынын бүтүрүүчүсү билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында төмөнкү **кесиптик компетенцияларга** ээ болот:

а) **Кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүк багытында:**

| Компетенция-нын индекси | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **КК-1** | - жалпы жана кесиптик интеграцияланган билимдердин, анын ичинде кызмат жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган билимдердин кеңири диапазонуна ээ болот; |
| **КК-2** | - кыргыз тили жана адабияты боюнча мектеп курсун толук өздөштүрөт; |
| **КК-3** | - тексттердин ар түрдүү типтерин жана түрлөрүн чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо, усулдарды, анализ ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү; |
| **КК-4** | - тексттин түрдүү типтерин лингвистикалык жана адабият таануучулук көз караштa өз алдынча анализдөөгө жана интерпретациялоого жөндөмдүү. |
| **КК-5** | - окуп жаткан тилдин адабиятынын тарыхый өнүгүшү жана азыркы учурдагы абалы жөнүндөгү билимдерге ээ болот; |
| **КК-6** | - элдик мурастардын өзгөчөлүктөрүн практикада колдоно билет жана алган билимдерин өз кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонууга даяр. |
| **КК-7** | - окуп жаткан негизги тилин адабий тилдик формада өздөштүрөт, анын тарыхы жана азыркы абалы, тектештиги жана типологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү билимдерге ээ болот. |

**б) Илимий-усулдук багытта:**

| Компетенция-нын индекси | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **КК-8** | - тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү; |
| **КК-9** | - предмет аралык байланыштарды түзүүгө жөндөмдүү; |
| **КК-10** | - усулдук маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын колдонууга жөндөмдүү; |
| **КК-11** | - интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү; |
| **КК-12** | - предметти жана тилди интеграциялап окутуунун методдорун (CLIL) пайдаланууга жөндөмдүү; |

**в) Илимий изилдөөчүлүк багытта:**

| Компетенция-нын индекси | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **КК-13** | - билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү; |
| **КК-14** | - кесиптик маселелерди чечүүдө психо-педагогикалык билимдерди пайдаланууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын колдонууга жөндөмдүү; |

**г) Кесиптик жактан өнүгүү багытында:**

| Компетенция-нын индекси | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялар |
|---|---|
| **КК-15** | - окуп жаткан тилдеги оозеки жана жазуу кебин кабылдоо, түшүнүү, |

| | |
|---|---|
| | ошондой эле көп кырдуу анализдөө билгичтиктерине ээ; |
| **КК-16** | - жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүүсү үчүн милдеттерди кое билет; |
| **КК-17** | - өзүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сын көз менен баалоого, кемчиликтерин четтетүүнүн жана жетишкендиктерин өстүрүүнүн жолдорун тандай билет; |
| **КК-18** | - өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн сын көз менен кароого жана аны коюлган талаптарга ылайыкташтырууга жөндөмдүү. |

## 7-БАП. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН КАДРЛАР МЕНЕН КАМСЫЗДАЛЫШЫ

### 7.1. Билим берүү программасын кадрлар менен камсыздоого талаптар:

Бакалаврды даярдоонун НББПсын ишке ашырууда базалык билими бар, магистр/адис академиялык квалификациясына ээ жана пррофили окутулуучу дисциплиналарга ылайык келген, илимий жана илимий-усулдук ишмердүүлүк менен үзгүлтүксуз алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Билим берүү прогаммасынын ар бир циклы боюнча илимий даражасы жана/же илимий наамы бар профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчү билим берүү стандартынын талаптарындагы нормага ылайык келиши зарыл. Билим берүү программасындагы окутуучулардын жалпы санынын 70%ын штаттык орундагы окутуучулар түзөт.

Билим берүү багытынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык окуу процессинин кадрлар менен камсыздалышына талаптарда кесиптик циклдагы окутуучулар илимдин кандидаты, доктору окумуштуулук даражасына, магистрдик квалификацияга, (PhD) доктор академиялык даражасына жана/же тиешелүү кесиптик чөйрөгө ылайыктуу тажрыйба ишмердүүлүгүнө ээ болушу зарыл.

Бул билим берүү программасы боюнча окуу процессин камсыздаган илимдин доктору же кандидаты илимий даражасына ээ окутуучулар окутуучулардын жалпы санынын 40% дан кем эмес бөлүгүн түзүүгө тийиш. Билим берүү программасын ишке ашыруучу 10%дан кем эмес окутуучулар педагогикалык, филологиялык билим берүү чөйрөсүнөн болушу керек. Билим берүү программасын ишке ашырууга чет өлкөлүк ЖОДдордон 3%дан кем эмес тажрыйбалуу окутуучулар (онлайн же офлайн формаларында окутуу менен) тартылат.

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилинин НББП ишке ашырууда базалык билимге ээ, профили окутуп жаткан дисциплиналарга туура келген, илимий-усулдук бай тажрыйбага ээ 3 илимдин доктору, профессор, 7 илимдин кандидаты, доцент, 3 улуу окутуучу, 3 окутуучу эмгектенип, илимий даражалуу окутуучулар жалпы окутуучулардын санынын 71% түзөт.

| к/№ | Аты-жөнү | Илимий даражасы, наамы | Ээлеген кызматы | |
|---|---|---|---|---|
| | | | штаттык | Айкалыштыруучу |
| 1. | Абдувалиев Ибраим | ф.и.д., профессор | профессор | |
| 2. | Калчакеев Кубанычбек Бекболотович | ф.и.д., профессор м.а. | профессор | |
| 3. | Бакирова Гүлжан Коккозовна | ф.и.к., доцент | кафедра башчы | |
| 4. | Көчөрова Гүлүмкан Осмоновна | ф.и.к., доцент м.а. | доцент | |
| 5. | Оморов Айтмамат | ф.и.к., доцент | доцент | |
| 6. | Чокоева Дилбар Маматкуловна | ф.и.к., доцент | доцент | |
| 7. | Шакирова Мавлюда Рысбаевна | ф.и.к., доцент | доцент | |
| 8. | Алтаева Динара исаковна | ф.и.к., доцент м.а. | доцент | |
| 9. | Каленбекова Гүлбарчын Тагайбековна | | улуу окутуучу | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10. | Омурзакова Уулкан Тайырбековна | | улуу окутуучу | |
| 11. | Шерипбаев Амангелди Рахманович | | улуу окутуучу | |
| 12. | Кудайкулова Гүлмира Орозбаевна | | окутуучу | |
| 13. | Имаралы кызы Назбийке | | үйрөнчүк окутуучу | |
| 14. | Ырысбай кызы Салима | | окутуучу | |
| 15. | Турсунбаева Жазгүл Акылбековна | | окутуучу | |

### 7.2. Окуу процессин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоого талаптар

Негизги билим берүү программасы билим берүү прогаммасындагы бардык окуу дисциплиналары, курстары (модулдары) боюнча материалдар жана окуу-усулдук документтер менен камсыздалышы керек.

Адабияттар фондуна талаптар:

- Бакалаврды даярдоо үчүн билим берүү программасы (нормативдик базалар жана программалык колдонмолор) бардык окуу курстарын, негизги билим берүү программасындагы дисципланаларды, окуу куралдарын, усулдук документтерди жана материалдарды өзүнө камтышы зарыл. Билим берүү мекемеси нормативдик-укуктук актыларды, билим берүү мекемесинин ички актыларын жана тиешелүү багыттарга керектүү кесиптик мезгилдүү басылмаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздоого тийиш.
- Билим берүү мекемеси лицензиялык талаптарга ылайык студенттерди керектүү окуу китептери жана/же электрондук окуу материалдары менен камсыздоого милдеттүү.
- Кыргыз тили жана адабияты багытындагы дисциплиналар үчүн окуу китептери 5 жылдан кем эмес, ал эми гуманитардык, социалдык-экономикалык дисциплиналар үчүн 10 жылдан кем эмес убакытта басылып чыгуусу зарыл.
- Ар бир дисциплина үчүн керектүү окуу китептеринин жана усулдук материалдардын тизмеси лицензиялык талаптарга ылайык (бир студентке 0,5 даанадан кем эмес) билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат.
- Практикалык иштерди усулдук каражаттар менен 1:1 катышында камсыздоо зарыл.
- Кошумча адабияттар, библиографиялык жана адистикке тиешелүү басылмалар 100 студентке 5 даана санда тартууланышы керек.
- Китепканалык фонд НББПдагы негизги дисциплиналар боюнча негизги жана кошумча адабияттарды басма жана/же электрондук түрдөгү басылмалар менен толукталышы керек. ЖОЖдун билим берүү программасы билим берүүчү маалыматтык ресурстар: видео сабактар, видео презентациялар менен камсыздалышы зарыл.

Электрондук окуу китептерине талаптар:

Билим берүү мекемесинде бардык дисциплиналар боюнча билим алууга жана изилдөөлөргө зарыл болгон электрондук китептердин көптөгөн түрлөрү, электрондук журналдардын, илимий макалалардын жана башка академиялык материалдардын болушу зарыл.

Билим берүү мекемеси студенттер үчүн электрондук-китепкана системасы, заманбап кесиптик маалымат базалары жана электрондук китепканалардын платформасы менен камсыздоого жана маалыматтарды издөө жана өтүнүч жөнөтүү системасын түзүүгө милдеттүү. Окуу процессинде инновациялык маалымат технологияларын жана санариптик платформаларды пайдаланууну уюштуруу зарыл. Электрондук окуу китептери, теориялык материалдар, практикалык тапшырмалар, видео, аудио жана мультимедиялык каражаттар сыяктуу электрондук окуу каражаттары ар бир студент үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.

*Санариптик платформаларга тиешелүү электрондук окуу-усулдук материалдарды (комплекстерди) жайгаштырууга талаптар*

Негизги билим берүү программасындагы ар бир окуу дисциплинасы окуу-усулдук комплекстер, тексттик, графикалык, аудио, видео материалдар жана мультимедиялык каражаттар менен камсыздалууга тийиш. Бул материалдар окуу процесси башталганга чейин билим берүү мекемесинин санариптик платформаларына жайгаштырылышы зарыл жана ар бир студентке жеткиликтүү болуш керек.

*Дистанттык/онлайн окутуу үчун окуу-усулдук материалдарга (комплекстерге) жана аларды тиешелүү санариптик платформаларга жайгаштырууга талаптар*

Билим берүү мекемеси дистанттык/онлайн окутууну окуу процессин инновациялык маалымат технологияларын жана санариптик платформаларды пайдалануу менен уюштурууга милдеттүү. Окуу-усулдук материалдарда силлабус, окуу-усулдук каражаттар, практикалык жана текшерүү иштер, сунушталган адабияттар жана онлайн-булактар камтылышы зарыл. Материалдар тиешелүү билим берүү стандартына жана академиялык талаптарга ылайык интерактивдүү, билим берүү мекемесиндеги санариптик платформаларга ылайыкташтырылышы жана жаңыланып түзүлүшү керек.

**7.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык жактан камсыздалышы**

550300 Филологиялык билим берүү багытынын НББП ишке ашырууда ЖАМУнун окуу планында көрсөтүлгөн бардык дисциплиналар боюнча лекциялык, практикалык, илим изилдөө жана башка ишмердүүлүктөр боюнча студенттердин даярдыгын жүргүзүүнү камсыздоочу, санитардык жана өрткө каршы норма, эрежелерге жооп берген материалдык-техникалык база түзүлгөн. Алар:

| к/№ | Бөлмөлөрдүн типтери | Типтүү орундун саны | Типтүү орундун аянты |
|---|---|---|---|
| 1. | **Лекциялык залдар** | 2 | |
| | 306 – Илим изилдөө каанасы | 1 | 75,3 м$^2$ |
| | 308 – Үйрөнүп жаткан тилдин өлкө таануусу каанасы | 1 | 75,3 м$^2$ |
| 2. | **Практикалык сабактар үчүн окуу каналары** | | |
| | 301 – Мамлекеттик тил каанасы | 1 | 55 м$^2$ |
| | 303 – Сүйлөө кеби каанасы | 1 | 55 м$^2$ |
| | 304 – Грамматика каанасы | 1 | 55 м$^2$ |
| | 305 – Профессор А.Р.Мырзакулов атындагы окуу-усулдук каанасы | 1 | 55 м$^2$ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 309 – Немец тили борбору жана Гүлсара Арапбаева бурчу | 1 | 55 $м^2$ |
| | 312 – Англис тилин жаңы технологиялар менен окутуу каанасы | 1 | 55 $м^2$ |
| | 313 – Котормо жана котормо таануу каанасы | 1 | 55 $м^2$ |
| | 314 – компьютердик лингвистика каанасы | 1 | 55 $м^2$ |
| | 315 – Маданият аралык баарлашуунун теорирясынын негиздери каанасы | 1 | 55 $м^2$ |
| | 214 – Славян борбору | 1 | 55 $м^2$ |
| | 215 – Адабият таануу каанасы | 1 | 55 $м^2$ |
| 3. | Атайын кааналар | | |
| | 311 - компьютердик класс | 1 | 55 $м^2$ |
| | 102 – компьютердик класс | 1 | 75,3 $м^2$ |
| 4. | Спорттук зал | 1 | 447 $м^2$ |
| 5. | Китепкана (окуу залы) | 1 | 216,48 $м^2$ |
| 6. | Китепкана (абонемент) | 1 | 29,21 $м^2$ |
| 7. | Студенттик ашкана | 1 | 93,04 $м^2$ |
| 8. | Медициналык пункт | 1 | |
| | | **Жалпы** | **1671,63 $м^2$** |

Атайын кааналар - интернет жана ички бирдиктүү торчого туташтырылган, керектүү сандагы компьютерлер менен камсыздалган компьютердик класстар. Өндүрүштүк практикалар базасында окууга шарттар (жумуш ордунда окуу) келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

**7.4. Билим сапатын баалоого талаптар.**

**7.4.1.** ЖАМУ бакалаврды даярдоонун сапатына кепилдиктерди берип, төмөнкү багыттар боюнча ишке ашат:

- академиялык жетишүү – учурдагы, аралыктагы текшерүүнүн жана жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыктары. Бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын, окуучулардын билиминин, билгичтигинин деңгээлин баалоонун объективдүү процедуралары иштелип чыгат. НББП өздөштүрүүнүн сапатын баалоо студенттерди учурдагы, аралыктагы текшерүүнү жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өзүнө камтыйт. Ар бир дисциплина боюнча учурдагы жана аралыктагы текшерүүнүн конкреттүү формалары жана процедуралары ЖАМУда иштелип чыгып, окутуунун биринчи айында окуучуларга жеткирилет.

Студенттерди аттестациялоо үчүн НББПнын этап боюнча (жетишүүнү учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестация) талаптарындагы жетишкендиктерине ылайык билимин, билгичтигин жана калыптандырылган компетенцияларын баалоочу типтүү тапшырмалар, текшерүү иштер, тесттер жана текшерүүнүн методдорунан турган баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт. БКФ ЖАМУда иштелип чыгып бекитилет.

ЖАМУда жетишүүнү учурдагы текшерүүнүн жана студенттердин аралыктагы аттестациясынын программалары алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүктөрүнө максималдуу жакындашы үчүн шарттар түзүлгөн. Бул үчүн конкреттүү

дисциплиналардын окутуучуларынан сырткары тышкы эксперттер катары иш берүүчүлөр, жакын дисциплиналардын окутуучулары ж.б. активдүү катышат.

- практикалык даярдыгынын жыйынтыгы – педагогикалык, тилдик, өндүрүштүк практикаларынын жыйынтыктарынын отчету жана коргоо;

- илим изилдөө ишмердүүлүгү – студенттик конференцияларга, конкурстарга илимий долбоорлорго катышуу, илимий иштерин жарыкка чыгаруу.

- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация – теориялык жана практикалык сабактардан сынак жана квалификациялык ишти коргоо.

- иш берүүчүлөрдүн жана эксперттердин пикирлери практиканын жана ишке жайгашуунун натыйжалары боюнча алынат. Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү менен бирдикте бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегиялар иштелип чыгат жана башка билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгү менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлердин негизинде өзүн-өзү текшерүү жүргүзүлөт.

- билим берүү программмаларын мезгил-мезгили менен карап чыгуу, мониторинг жүргүзүү, окуучулар курамынын компетенттүүлүгүн жана сапатын камсыздоо;

- өзүнүн ишмердүүлүгүн баалоо, анын натыйжалары, пландары жана жаңылыктары жөнүндө коомчулукка маалымдоо;

Бүтүрүүчүлөргө окуу процессинин уюштурулушуна, мазмунуна, сапатына жана айрым окутуучулардын ишмердүүлүктөрүнө баа берүү мүмкүнчүлүктөрү берилет.

**Студенттерди даярдоонун сапатын баалоо** текшерүүнүн төмөнкү формалары боюнча ишке ашат:

- учурдагы текшерүү;
- аралыктагы текшерүү;
- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.

НББПнын талаптарына ылайык студенттердин билимин учурдагы, аралыктагы текшерүү жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо, алардын жетишүүсүн этап боюнча баалоо үчүн типтүү тапшырмалар, текшерүү иштери, тесттерден турган баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) түзүлөт. Алар ээ болгон билими, билгичтиги, көндүмдөрүнүн негизинде калыптандырылган компетенцияларды баалоого мүмкүнчүлүк түзгөн текшерүү методдору иштелип чыгат. Баалоо каражаттарынын фонду ЖОЖдо иштелип чыгып, Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

**7.4.2. Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ)** – бул, студенттердин билим берүү программасында белгиленген компетенцияларга ээ болуу деңгээлин баалоого багытталган усулдук материалдардын, каражаттардын, процедуралардын жыйындысы.

Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) негизги билим берүү программасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана билим сапатын объективдүү, ачык-айкын камсыздоонун, баалоонун каражаты катары кызмат кылат.

**Баалоо каражаттарынын фондунун (БКФ) негизги милдеттери:**

- компетенцияларга ээ болуунун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн белгилөө;
- окуудагы жетишүүнү баалоого бирдиктүү мамилени камсыздоо;
- окуучуларды даярдоонун сапатын текшерүү;
- билим берүүнүн сапатын ичκи баалоонун системасын колдоо.

БКФ **учурдагы текшерүүнүн** жана **аралыктагы аттестациялоонун** каражаттарына бөлүнөт.

| Текшерүүнүн түрлөрү | Баалоо каражаттарынын формалары | Максат жана мисалдар |
| --- | --- | --- |

| | | |
|---|---|---|
| **Учурдагы текшерүү** (бөлүмдөр боюнча баалоо) | **Тестирлөө** | Базалык билимдерди текшерүү. *Мисалы: тыбыштардын түрлөрү жөнүндөгү туура жоопту тандоо* |
| | **Оозеки сурамжылоо (Аңгемелешүү)** | **Терминологияны** жана теория түшүнүктөрүн текшерүү. Мисалы*: фонетиканын аспектилери боюнча суроолор* |
| | **Кырдаалдык тапшырмаларды чечүү (Кейстер)** | **Анализдөө** жөндөмүн текшерүү жана чечим кабыл алуу. *Мисалы: Тыбыштардын комбинатордук өзгөрүүлөрү. Силердин аракетиңер?* |
| | **Практикалык жөндөмдөрүн текшерүү (Алгоритмдер)** | **Көндүмдөрдү** жана колдонуу жөндөмүн баалоо. Мисалы: *тыбыштык өзгөрүүлөргө талдоо жүргүзүү тапшырмасын аткарууда талдоонун тартибин жана сыпаттаган эрежелердин жыйындысын пайдалануу.* |
| **Аралыктагы аттестация** (өтүм/сынак) | **Бирдиктүү тест** | Бардык дисциплина боюнча билимдерди баалоо. |
| | **Практикага багытталган сынак** | Мүмкүн болушунча чындыкка жакын шарттарда калыптандырылган **кесиптик компетенцияларды** баалоо. |
| | **Курстук иш/рефераттарды коргоо** | Филологиялык маалыматтарды өз алдынча иште анализдөө жөндөмдүүлүгүн баалоо. |

**Баалоо критерийлери**

- **Тесттерди баалоо критерийлери:** (мисалы, «эң жакшы» - туура жооптор 90-100% түзсө).
- **Практикалык көндүмдөрдү баалоо критерийлери:** (мисалы, «өттү» - алгоритмди так сактаса, өз алдынча иштерди пайдаланса, катасы жок болсо; «өткөн жок» - туура жооптор белгиленген өлчөмгө жетпесе).
- **Кырдаалдык тапшырмаларды баалоо критерийлери:** (талдоолордон, кошумча берилген тапшырмалардан ката кетирилбесе).

Толук жана актуалдуу БКФ түзүү үчүн 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили үчүн түзүлгөн билим берүү стандартына жана тиешелүү дисциплинанын жумушчу программасына таянуу зарыл.

| Текшерүү формасы | Баалоо каражатынын тиби | Баалоо багыты |
|---|---|---|
| **Учурдагы текшерүү** | **Тесттер:** бир же бир нече варианттагы жообу бар суроолор | Базалык теориялык билимдер жана терминология (фонетика, аллегория). |
| | **Кырдаалдык тапшырмалар (Кейстер):** | Филологиялык ой жүгүртүүлөр, түшүнүктөрдү негиздөө |

| | | |
|---|---|---|
| | **Коллоквиум/Оозеки сурамжылоо:** | Татаал темаларды тереңдетип түшүнүү (аллитерация, когниция, концепт). |
| **Аралыктагы аттестация** | **Практикалык текшерүү:** | **Практикалык көндүмдөрдү баалоо**, тапшырманы аткарууда талдоонун тартибин жана мүнөздөөчү эрежелерди пайдалануу. |
| | **Сынак:** | **Курама формат:** теориялык суроолор + практикалык тапшырмалар |

Студенттерди даярдоонун сапатын баалоо процессинде окутууда колдонулуп жактан ыкмалардын, методдордун негиздүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна өзгөчө көңүл бурулат. Баалоо процесси студенттин чыныгы билим деңгээлин жана көндүмдөрүн, алардын кесиптик ишмердүүлүккө болгон даярдыгын чагылдырууну камсыз кылышына жетишүү зарыл.

**Баалоо каражаттарынын фондунун негизги принциптери:**

- валиддүүлүк (баалоо объектисинин окутууда коюлган максаттарга дал келиши);
- компетенттүүлүк (билим деңгээлин баалоо үчүн бирдиктүү стандарттын жана критерийлердин колдонулушу);
- акыйкаттуулук (студенттин ийгиликке жетишүүсү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктү түзүү);
- натыйжалуулук (коюлган милдеттерге ишмердүүлүктүн натыйжасынын дал келиши).

Баалоо каражаттарынын **валиддүүлүгү** педагогдун ийгиликтүү практикасы үчүн зарыл болгон компетенциялар менен аныкталат. Теориялык билимден практикалык көндүмдөргө чейинки филологиялык даярдыктын маанилүү аспектилерин камтыган тесттик тапшырмалар иштелип чыгат.

Аттестация жүргүзүүдө баалоонун **ишенимдүүлүгү** объективдүү, туруктуу жыйынтыктарды алууга мүмкүнчүлүк түзүүчү автоматташтырылган системалардын жана стандарттуу методдордун колдонулушу менен камсыздалат. Мисалы, AVN системасы аркылуу студенттердин жетишүүсү менен катышуусу катталат жана алардын активдүүлүгү, өз алдынча иши бааланат. Мындан билимди баалоодогу субъективдүүлүк азаят жана түрдүү шарттарда жыйынтыктардын туруктуулугу камсыздалат.

Студенттердин билимин баалоо ЖАМУдагы баалоонун “Модулдук-рейтингдик системасы жөнүндөгү” Жобонун негизинде жүргүзүлөт.

**Модуль төмөнкүлөрдөн турат:**

- Катышууну текшерүү (КТ) – 8 баллга чейин, бул баллдар сабактарга катышуусуна жараша берилет. Эгер студент сабактын 30% катышпаса, электрондук журналда катышуу үчүн «0» коюлуп, бардык сабактарга катышуусу эсепке алынат.
- Эгер катышуу боюнча жалпы баллы 6дан ашса, студентке модуль тапшырууга уруксат берилет.
- Жетишүүнү текшерүү (ЖТ) – 10 баллга чейин
- Аралыктагы текшерүү (АТ)
- Студенттин өз алдынча иши (СӨАИ)

**Жалпы тартип:**

- Сабактан 30% калтыруу – КТ = 0
- AVN системасында КТ баллы автоматтык түрдө коюлат.

- Жетишүүнү текшерүүдө (ЖТ) 0дон 10 баллга чейин (өтүмдө 20га чейин) бааланат.и
- Жалпы балл < 30 болсо, студент тестке киргизилет.
- Модуль 0-59 шкаласы боюнча бааланат (сынак үчүн)
- Сынак – 0-41 балл
- GPA < 2.0 болсо, студент диплом албайт.

**7.4.3. Окутуу процессин уюштуруунун жана өткөрүүнүн формалары, усулдары жана каражаттары**

а) теориялык даярдыкка багытталган формалар:

- лекция;
- семинар;
- аудиториялык өз алдынча иш;
- аудиториядан тышкаркы өз алдынча иш;
- консультация;

б) практикалык даярдыкка багытталган формалар:

- практикалык сабак;
- педагогикалык практика;
- илим изилдөө иши;
- бүтүрүү квалификациялык иш.

Компетенттүү мамилени ишке ашыруу окуу процессинде сабак өтүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын, окутуунун инновациялык технологияларын кеңири колдонууну камсыз кылат. Окутуунун артыкчылыктуу методдору катары төмөнкүлөр эсептелет:

- өркүндөтүлгөн лекция;
- практика;
- лаборатория;
- интерактивдүү стратегиялар;
- иштиктүү, ролдук оюндар;
- проблемалык метод;
- долбоор методу;
- суроо-жооп;
- демонстрация жана иллюстрация.

**Теориялык даярдыкка багытталган билим берүү процессин уюштуруунун формаларын жана каражаттарын пайдалануу боюнча көрсөтмөлөр**

**Лекция.** Лекциянын түрдүү типтерин колдонууга болот: *киришүү, мотивациялык* (дисциплинаны өздөштүрүүгө болгон кызыгууну жаратуучу), *даярдоочу* (студентти татаалыраак материалдарга даярдоочу), *интеграциялоочу* (мурунку материалга жалпы теориялык анализ берүүчү), *багыттоочу* (андан аркы өз алдынча иштери үчүн студентти маалымат булактарына багыттоочу). Лекциялык материалдын мазмуну жана структурасы студентте тиешелүү компетенциялардын калыптанышына багытталууга жана окутуучу тарабынан тандалып алынган текшерүү методдору жана аларга коюлган баалар менен байланыштуу болууга тийиш.

**Семинар -** лекцияда каралган материалдарды өздөштүрүүдө студентти активдүү иштөөгө, жамаат менен талкуулоону уюштурууга багытталган окутуунун формасы. Семинардык сабакты кесиптик циклдагы гуманитардык, социалдык жана экономикалык,

математикалык жана табигый илимдер дисциплиналарын окутууда пайдалануу сунушталат.

Окуу материалдарын өздөшүрүүдө **студенттин аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы өз алдынча иштери.** Студенттер тарабынан өз алдынча иштер китепкананын окуу залдарында, окуу кааналарында, компьютердик класстарда жана үй шартында аткарылышы мүмкүн. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда алардын лабораториялык жабдыктарды, каражаттарды, интернет желесиндеги маалыматтар базасын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү түзүлүүгө тийиш.

Окутуучулар тарабынан студенттерге кесиптик кеп-кеңештер жана жардамдар көрсөтүлүшү зарыл. Студенттердин өз алдынча иши окуу китептери, окуу куралдары, лекциялардын конспектиси сыяктуу материалдар аркылуу окуу-усулдук жана маалыматтык жактан камсыздалышы менен бекемделүүгө тийиш.

### 7.4.4. Практикалык даярдыкка багытталган билим берүү процессин уюштурууунун формаларын жана каражаттарын пайдалануу боюнча көрсөтмөлөр

**Практикалык сабак** – бул лекцияда каралган теориялык материалдарды практикалык жактан өздөштүрүүгө жана бышыктоого багытталган окутуунун формасы. Практикалык сабак кесиптик циклдагы базалык жана профилдик дисциплиналарды өздөштүрүүдө сунушталат.

**Лабораториялык иш** окутулган дисциплиналардын илимий-теориялык негиздерин практикалык жактан өздөштүрүүгө, эксперименталдык иштердин көндүмдөрүнө ээ болууга жардам берет. Лабораториялык иштерди аткаруу бардык окуу циклдарындагы негизги теориялык дисциплиналарды өздөштүрүүдө сунушталат.

Филология институтунун профессордук-окутуучулук курамы өз сабактарында окутуунун инновациялык технологияларын пайдалануу менен студенттерди активдештирүү үчүн колдонулат:

**1) Маалымат-коммуникациялык технологиялар (МКТ)**

- Электрондык билим берүү платформалары (Moodle, Google Classroom, Canvas).
- Онлайн-курстар (Coursera, EdX, Stepik).
- Видеолекциялар, подкасттар, интерактивдүү презентациялар.
- Мультимедиялык каражаттар.

**2) Электрондук жана дистанттык окутуу (сырттан окуу бөлүмүндө онлайн жана офлайн формада).**

- Видеоконференциялар (Zoom, Microsoft Teams).
- тиркемелер, платформалар аркылуу мобилдүү окутуу (Mobile Learning) –

**3) Оюн технологиялары**

- Балл берүү, рейтинг чыгаруу, активдүүлүгү үчүн бейджиктер берүү.
- Оюн аркылуу окутуу

4**) Студентти багыттоо, долбоорлоо жана проблемалык окутуу**

- Студенттер чыныгы жана практикага жакын маселелерди чечишет. Жыйынтыгы – долбоор, отчет, презентация
- Сынчыл ойлом жана креатив калыптанат.

**5) Кейс-метод (Case study).** Чыныгы практикадан алынган конкреттүү кырдаалды (кейсти) түшүнүү жана анализдөө. Жыйынтыгы – аналитикалык жана коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрөт.

**6) Окутуунун интерактивдүү технологиялары**

- Дискуссиялар, дебаттар, мээге чабуул
- Ролдук жана иштиктүү оюндар
- Чакан топтордо иштөө, тегерек стол.

**7) "Тескери класс" технологиясы.** Теория үйдө (видео, текст) окутулуп, аудиторияда практикалык маселелер чечилет. Артыкчылыгы – билимдерди колдонууга жана талкууга көп убакыт бөлүнөт.

**8). Жасалма интеллект жана адаптациялоочу технологиялар**

- Окутуунун жекелештирилген траекториясы
- Тапшырмаларды автоматтык түрдө текшерүү
- Интеллектуалдык тарбиячылар жана чат-боттор (башкалар менен текст же үн аркылуу байланышуу)

**9) STEM/STEAM-технологиялары -** илимдерди, технологияларды, инженерияны, искусствону жана математиканы интеграциялоо. Максаты – дисциплиналар аралык ой жүгүртүүнү жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү.

**10) Жумуш ордунда окутуу.** Дуалдык окутууда теория менен практика байланыштырылып колдонулат. Формалары – стажировкалар, практикумдар, өндүрүштүк долбоорлор.

**7.5. Практикаларды өткөрүүнүн шарттарына жалпы талаптар**

**7.5.1.** Практика жөнүндө жалпы жобо

Бакалаврдын негизги билим берүү программасынын "Практика" бөлүгү студенттердин кесиптик-практикалык даярдыгына түздөн-түз багытталган окуу практикаларын (адаптациялык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик) камтыйт. Практиканын конкреттүү түрлөрү НББПда белгиленип, ар бир түрү боюнча максат, милдеттер, программалар жана отчеттуулуктун формалары билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат. Билим берүү мекемеси практиканын бир же бир нече түрүн тандап алуу укугуна ээ жана белгиленген кредиттин чегинде практиканын кошумча түрлөрүн тандай алат.

**7.5.2. Практиканын түрлөрүнө коюлган талаптар**

550300 Филологиялык билим берүү багыты (бакалавр) үчүн түзүлгөн билим берүү программасы боюнча жана ЖАМУда иштелип чыккан практиканын бардык түрлөрүнүн өткөрүлүшү жөнүндөгү Жобонун негизинде практиканын төмөнкү түрлөрү жүргүзүлөт:

**Адаптациялык-педагогикалык практика** окуу процессинин графигине ылайык экинчи курстун IV семестринде өткөрүлөт. Практиканын негизги максаты – окуу-тарбия процесси, мектептен жана класстан тышкаркы иштердин уюштурулушу менен жалпы таанышуу, жалпы билим берүү мекемелеринде тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн башталгыч практикалык көндүмдөрүн алуу. Практика учурунда студенттер мектептин окуу жана тарбиялык иштери менен таанышышат жана жыйындарга, майрамдарга, сүйлөшүүлөргө, маалыматтарга даярданууга катышышат. Окуучулар менен кошумча жана жеке сабактарды өтүшөт, дептерлерди жана күндөлүктөрдү текшеришет. Практиканын жыйынтыгы менен практиканттар илимий-усулдук эмгек жазышып, билим берүү мекемеси берген мүнөздөмөнү, практиканын күндөлүгүн жана отчетторун тапшырышат. Практиканын жыйынтыгы боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Кесиптик-базалык практика** үчүнчү курстун VI семестринде жүргүзүлүп, студент практика учурунда класстардагы окуу жана тарбиялык иштерди өтүүнүн усулдарын өздөштүрүшөт. Коомдук мекемелердин иштөө ыкмалары жана мазмуну, предметтик кааналардын, ийримдердин иштери менен таанышышат. Предметтик кече, окуу, тарбиялык жана класстан тышкаркы сабактарды өткөрүүнү үйрөнөт. Айрым окуучулардын жеке өзгөчөлүгүн жана класстык жамаатты байкоого алуу сыяктуу керектүү билгичтиктерди өздөштүрүшөт. Кесиптик-базалык практиканын жыйынтыгы боюнча отчет, практикада аткарган иштеринин күндөлүгү, илимий-усулдук эмгеги жана практика жетекчисинин мүнөздөмөсү талап кылынат. Жыйынтык боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Кесиптик-профилдик практикада** студенттер орто жана жогорку класстарды окутуучу мугалимдин ролуна өтүшөт. Кесиптик-профилдик педагогикалык практиканын мазмуну даярдоонун профилине туура келиши керек. Педагогикалык практиканын бөлүмдөрүндө студенттер илимий-изилдөөчүлүк долбоорлорду иштеп чыгуусу мүмкүн. Андай учурда программада илимий-изилдөөчүлүк долбоорунун бар экендигин эске алып, жогорку окуу жайы студенттин тандоо мүмкүнчүлүгүн аныкташы керек:

- илимий-педагогикалык адабияттарды жана башка атайын маалыматтарды, билим берүү тармагына тиешелүү ата мекендик жана чет өлкөлүк илим жана билим берүүнүн жетишкендиктерин окуп-үйрөнүү;
- илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө же долбоордун иштелмелерин даярдоого катышуу;
- тема боюнча илимий-педагогикалык маалыматтарды топтоо, кайра иштеп чыгуу, анализдөө жана системалаштырууну жүргүзүү;
- тема же анын бөлүмү боюнча отчет түзүү;
- конференцияларда баяндама менен чыгып сүйлөө.

Практикаларды уюштуруу билим берүү стандарты жана НББПда белгиленет. Билим берүү стандартында бүтүрүүчүлөрдүн деңгээлине коюлган талаптарга ылайык практиканын бардык түрлөрү этап боюнча студенттин кесиптик ишмердүүлүктү өздөштүрүүсү үчүн үзгүлтүксүз жана ырааттуу түрдө жалпы орто билим берүү мекемелеринде өткөрүлөт.

Түзүлгөн келишимдердин негизинде студенттердин практикаларын уюштуруу жоопкерчилиги билим берүү мекемесиндеги практика бөлүмүнө жана тиешелүү структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилерине жүктөлөт.

Практикалардын жыйынтыгы боюнча аттестациялоо практика жетекчисинин жана мектептеги усулчунун, мектеп жетекчилеринин студенттин практика учурунда берилген тапшырмаларды аткаруусу, анын билим деңгээли жана квалификациясы жөнүндөгү пикирлеринин негизинде жүргүзүлөт.

НББП ишке ашырууда окуу практикаларынын төмөнкү түрлөрү өткөрүлөт:

| **Практикалар** | | | | | Жооптуу кафедра |
|---|---|---|---|---|---|
| к/№ | Практиканын аталышы | кредити | семестри | жумасы | |
| Б.2.ПР А1 | Адаптациялык-педагогикалык | 3 | 4 | 2 | Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы |
| Б.2.ПР А2 | Кесиптик-базалык | 8 | 6 | 5 | Кыргыз тили жана |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | адабияты кафедрасы |
| Б.2. ПР АЗ | Кесиптик-профилдик | 14 | 7 | 9 | Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы |

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун кыргыз тили жана адабияты профилиндеги студенттердин өндүрүштүк практикаларын өтүү боюнча мекеме-ишканалар менен түзгөн келишимдери жөнүндө маалымат

| № | Институт | Адистиктин аталышы | Келишим дин саны | Мөөнөтү | Мекеме-ишканалардын аталышы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Филология | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 2022-2027-ж.ч. | Сузак райондук билим берүү бөлүмү Ж.Ж.Усенов менен биргеликте түзүлдү |
| 2 | Филология | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 2022-2027-ж.ч. | Жалал-Абад шаардык БББнын жетекчиси Ы.Калчаев менен биргеликте түзүлдү |
| 3 | Филология | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 2024-2029-ж.ч. | Сокулук району, Раздольный орто мектеби менен биргеликте түзүлдү |
| 4 | Филология | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 2024-2029-ж.ч. | Аксы району, №11 Т.Мавлянов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби менен биргеликте түзүлдү |
| 5 | Филология | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 2024-2029-ж.ч. | Ноокен району, №16 Ж.Турусбеков атындагы жалпы билим берүүүчү орто мектеби менен биргеликте түзүлдү |
| 6 | Филология | Кыргыз тили жана адабияты | 1 | 2024-2029-ж.ч. | Ала-Бука району, №9 Т.Жоробаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби менен биргеликте түзүлдү |

Практиканын максаты, милдети, студенттер ээ болгон компетенциялар, практикалык көндүмдөр көрсөтүлгөн өндүрүштүк практикалардын программалары НББПга тиркеме катары берилет. Программада практикалардын мөөнөтү, өтүлүүчү орду, практикага бөлүнгөн кредиттер жана практика боюнча отчеттуулуктун формалары көрсөтүлөт.

Практиканы баалоо (ЖАМУнун өндүрүштүк практика боюнча Жобосунун негизинде):

- Практиканын программасынын отчетто аткарылуу деңгээли -----------(0-50) балл
- Күндөлүктүн жазылышы -------------------------------------------------------(0-10) балл
- Жетекчинин мүнөздөмөсү ---------------------------------------------------(0-30) балл
- Өзгөчө көрсөткүчтөрү ---------------------------------------------------------(0-10) балл
- Жалпы жыйынтык ---------------------------------------------------------------(100) балл

### 7.6. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация студенттин профиль боюнча ЖКББ билим берүү стандартында каралган теориялык жана практикалык даярдыгын баалоо максатындагы жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты өзүнө камтыйт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын программасы профиль боюнча билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгып, ал азыркы кыргыз тилинин негизги бөлүмдөрү, аларды окутуунун усулу жана адабият теориясы, кыргыз адабиятынын этаптары, аларды окутуунун усулу боюнча дисциплиналардын тизмесин камтыйт. Аттестациялык тесттик тапшырмалар аталган бөлүмдөр боюнча окутулуучу материалдардын, практикалык билгичтиктердин негизинде иштелип чыгат. Бирдиктүү сынак алынган дисциплиналардын мазмунуна коюлган талаптар менен бирге билим берүү стандартындагы тиешелүү багыт боюнча бүтүрүүчүгө коюлган жалпы талаптар да эске алынат.

**7.6.1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга жалпы талаптар**

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптар жогорку окуу жайы тарабынан КР Өкмөтүнүн 22.05.2024-жылдагы №258 "Кыргыз Республикасында орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу нормативдик-укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобонун негизинде аныкталат.

22.05.2024-жылдагы №258 "Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобонун негизинде иштелип чыккан "ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобого ылайык:

- ЖКББ негизги билим берүү программасын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы менен аяктайт.
- "ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу (мындан ары – Жобо) жогорку кесиптик билим алуунун бардык формасында жана билим берүү даражасында окуган бүтүрүчүлөргө таратылат.
- жыйынтыктоочу мамлекетик аттестациянын максаты ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик милдеттерди аткарууга даярдыгын жана даражасын, алардын даярдыгынын ЖКББ билим берүү стандартынын талаптарына ылайыктуулугун аныктоо болуп саналат.
- жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына кирген жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка ЖКББ билим берүү стандартынын талаптарына ылайык профиль боюнча ЖАМУда иштелип чыккан НББПнын толук курсун ийгиликтүү аяктаган жана академиялык карызы жок бүтүрүүчүлөргө уруксат берилет.

Жыйынтыктоочу мамлекетик аттестациянын белгиленген бардык түрлөрүнөн ийгиликтүү өткөн учурда бүтүрүүчүгө тиешелүү кесиптик квалификациялык жана академиялык даража ыйгарылып, жогорку кесиптик билими жөнүндөгү маммлекеттик үлгүдөгү диплом тапшырылат.

Бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын объективдүү баалоо үчүн сынактык суроолор жана тапшырмалар бирдиктүү болуп, түрдүү окуу циклдарынан тандалып алынган конкреттүү компетенцияларга ээ кылуучу дисциплиналардын мазмунуна ылайык келиши керек.

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилинин бүтурүүчүлөрү үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардын түрлөрү:

1. Профиль боюнча бирдиктүү мамлекеттик сынак (азыркы кыргыз тили, азыркы кыргыз адабияты жана тарыхы) же бүтүрүү квалификациялык ишти коргоо;

2. Педагогика, психология жана филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты) боюнча окутуунун усулунан мамлекеттик сынак же бүтүрүү квалификациялык ишти коргоо.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардын мазмуну жана формасы окуу бөлүмүнүн көрсөтмөлөрүнө ылайык аныкталат. Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардын программасы жана бүтүрүү аттестациялык текшерүүдө баалоонун критерийлери ЖАМУнун окуу-усулдук кеңеши тарабынан бекитилет.

**7.6.2. Квалификациялык ишти аткарууга коюлган талаптар жана кредиттерди бөлүштүрүүнү негиздөө**

Филологдун бүтүрүү квалификациялык иши филология багытындагы актуалдуу темалардын бирин теориялык жактан иликтөөнү өзүнө камтыйт. Бүтүрүүчү кесиптик милдеттерин өз алдынча аткарууга негиз болуучу алган теориялык билимдеринин жана практикалык билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн деңгээлин демонстрациялайт.

Бүтүрүү квалификациялык ишинин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына коюлган талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.05.2024-жылдагы 22.05.2024-жылдагы №258 “Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү” Жобонун негизинде иштелип чыккан “ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү” Жобого, ЖКББ билим берүү стандартынын бакалаврдын НББПны өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлган талаптар бөлүмүнүн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны жөнгө салуучу нормативдик укуктук актылардын негизинде билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат. Квалификациялык иштин мазмуну, көлөмү жана структурасына талаптар билим берүү мекемесинин бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын жүргүзүүнү жөнгө салуучу нормативдик-укуктук актыларынын негизинде коюлат.

Бакалаврдын квалификациялык ишинин саат көлөмү илимий изилдөө ишин жана ишти коргоого даярдыкты эске алуу менен, 5 кредиттен туруп, 150 саатка туура келет.

Квалификациялык (дипломдук) ишти аткарууга коюлган талаптар:

- квалификациялык ишти коргоо ачык презентация формасында жүргүзүлүп, бүтүрүүчү өз ишинин жыйынтыгын көрсөтүүгө тийиш.
- бүтүрүү квалификациялык иши билим берүү чөйрөсүндө студенттин илимий-практикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган, өз алдынча бүткөн иш болууга тийиш
- коргоонун жүрүшүндө студент кабыл алган чечимдерин негиздөө, ээ болгон билимин жана билгичтигин пайдалануу, билим берүү чөйрөсүндөгү заманбап тенденциялардын контекстинде өз ишинин натыйжаларын талдоого жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт.
- презентация кесиптик жактан даярдалган, иш теориялык жактан негиздүү жана практикалык жактан камсыздалган болууга тийиш.

Мамлекеттик аттестациялык комиссия (МАК) бүтүрүүчүгө бакалавр квалификациясын ыйгарууда бүтүрүү квалификациялык иши квалификацияланган материал болуп эсептелет.

### 7.6.3. Студенттердин илим изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүктөрү

550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профилиндеги студенттердин илим изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүгү билим берүү процессиндеги маанилүү маселе катары студенттерге кесиптик жана изденүүчүлүк компетенцияларды өнүктүрүүгө, аналитикалык ой жүгүртүү, маалыматты өз алдынча издеп табуу жана иштеп чыгуу көндүмдөрүн калыптандырууга, филология жана окутуунун усулу багытында илим изилдөөгө кызыгуусун өнүктүрүүгө багытталат.

Илим изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүктөрдү уюштуруу илим изилдөө иштеринин элементтери камтылган окуу пландарына жана дисциплиналардын жумушчу программаларына ылайык ишке ашырылат. Студенттер филологиялык илимдердин өнүгүшүнүн заманбап багыттарын, окутуунун усулун чагылдырган долбоорлорго, курстук жана бүтүрүү квалификациялык ишин аткарууга тартылат.

Илим изилдөө жана долбоордук иштердин тематикасы студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн практикалык милдеттерине багытталып, төмөнкүдөй багыттарды камтыйт:

- тилдин жана адабиятты окутуунун заманбап методдорун жана технологияларын үйрөнүү;
- тилдик кубулуштарды анализдөө;
- усулдук материалдарды жана окуу куралдарын иштеп чыгуу;
- түрдүү багыттагы жана көркөм тексттерди интерпретациялоо.

Студенттердин илимий деңгээлин жогорулатуу үчүн кафедрада, институтта, университетте түрдүү багыттагы иш-чаралар уюштурулат:

- жыл сайын өткөрүлүүчү студенттик илимий-практикалык конференциялар;
- илим изилдөө долбоорлорунун республикалык, эл аралык конкурстары;
- илим изилдөө жана чыгармачылык боюнча предметтик жумалыктар;
- изилдөө билгичтиктерин калыптадырууга багытталган иш-чаралар

Студенттердин мыкты иштери республикалык, университеттик илимий конференцияларга жана илимий эмгектердин жыйнактарына басып чыгарууга сунушталат. Долбоордук ишмердүүлүктөрдүн натыйжалары окуу-тарбиялык практикаларда, усулдук көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууда пайдаланылат жана билим берүү процессинде ишке ашырылат. Студенттерин илим изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүктөрү кесиптик компетенцияларды калыптандырууга, аналитикалык жана сынчыл ойломдорун өстүрүүгө, бүтүрүүчүлөрдүн андан аркы кесиптик жана илимий жактан өнүгүшүнө салым кошот.

Жыйынтыгында, студенттердин илим изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүктөрү төмөнкүлөргө багытталат:

- илимий-усулдук эмгектерди жазып, жарыкка чыгаруу, магистрдик даражага ээ болуп, илимий иш жазуу;

- билим берүү програмасын окуу-усулдук жактан камсыздоого жана аларды окутуу процессиндеги конкреттүү шарттарга (жергиликтүү шарттарга, балдардын өзгөчөлүгүнө ж.б.) көнүктүрүүгө жардам бере турган иликтөөлөрдү жүргүзүү;

- предметтер боюнча окуучулардын окуу-изилдөөчүлүк жана долбоордук ишмердүүлүгүн уюштуруу;

- инклюзия, көп маданияттуулук, социалдык нрава сыяктуу демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде окуучунун ишмердүүлүгүн пландаштыруу, мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;

- жетекчилик алдында филологиялык билим берүү жана аларды окутуу чөйрөсүндө кырдаалга жараша аныкталган маселелерди чечүүдө прикладдык илим изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүү;

- филологиялык билим берүүдө аларды окутуу чөйрөсүндө педагогикалык компетенцияларды калыптандыруу үчүн тажрыйбаларды системалаштыруу;

- кесиптик жана инсандык жактан өзүн-өзү өнүктүрүүдө андан аркы билим берүү траекториясын жана кесиптик жактан өнүгүшүн долбоорлоо.

# 8-БАП. НББП ИШКЕ АШЫРУУДА ОКУТУУ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУНУ ЖАНА УЮШТУРУЛУШУН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 10.06.2025-ж. №329 “Орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн нормативдмк, укуктук актыларын бекитүү жөнүндөгү” токтому жана ЖКББ МББС менен бекитилген Кыргыз Республикасында жогорку жана жождон кийинки кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгү жобосуна ылайык адистерди даярдоодо билим берүүнүн бардык формасы жана деңгээли боюнча окутуунун негизги түрлөрү ЖАМУнун билим берүү стандартындагы талаптардын аткарылышын камсыздоочу окуу планы жана программалар менен аныкталат.

Окутуунун мөөнөтү, окуу жылынын башталышы жана аякталышы, студенттин милдеттүү окуу сабактары боюнча жумалык жүктөмү, сынак сессияларынын жана каникулдардын мөөөтү, узактыгы, практикалык сабактардын түрлөрүнүн жана формаларынын аякталышы билим берүү стандарты боюнча түзүлгөн окуу пландарында белгиленет.

**Академиялык календарь -** ЖКББ НББП ишке ашыруунун ырааттуулугу. 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча ЖКББ НББПнын ырааттуулугу окуу жылы боюнча (теориялык сабактар, практикалар, аралыктагы жана жыйынтыктоочу аттестация, каникулдар камтылып) базалык жана жумушчу окуу планында берилет**.**

**Окуу планы**

Бул билим берүү программасы боюнча базалык окуу планы жана жумушчу окуу планы иштелип чыгат. Окуу планында компетенциялардын калыптандырылышын камсыздоочу ЖКББ НББП циклдарды жана бөлүмдөрдү (дисциплиналар, модулдар, практикалар) өздөштүрүүнүн логикалык ырааттуулугу сакталган **(1-тиркеме).**

**Жумушчу окуу планы**

Жумушчу окуу планында ар бир окуу курсунун, предметтин, дисциплинанын, модулдун өлчөмү академиялык саат жана зачеттук бирдик менен көрсөтүлөт **(2-тиркеме).**

**НББП компетенциялар картасы**

Компетенциялар картасы компетенттүүлүктүн мазмунундагы компоненттер, аларды калыптандыруунун технологиялары (лекция, семинар ж.б.) жөнүндө маалымат берет. Компетенциялар картасы компетенциялардын маани-маңызын ачкан, анын 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнөн күтүлүүчү натыйжалардын жыйындысындагы ордун жана маанилүүлүгүн аныктаган жана университеттин “орто” окуган студентинде калыптандырылуучу компетенциялардын деңгээлин аныктаган компетенциялар паспортун түзүү үчүн кызмат кылат. Компетенцияларды калыптандыруу программасы 550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүнүн натыйжасында компетенттүү мамилени калыптандыруунун траекториясын пландаштырат. НББПнын компетенциялар картасы тиркелет **(3-тиркеме).**

## 9-БАП. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

Ички баалоонун максаты – кыргыз тили жана адабияты профили боюнча негизги окуу программасынын мамлекеттик стандарттарга, иш берүүчүлөрдүн талаптарына жана университеттин ички сапат критерийлерине шайкештигин аныктоо.

**Баалоо шкаласы.** Эксперттик комиссия тарабынан 5 баллдык шкала боюнча жүргүзүлөт: 5 – мыкты, 4 – жакшы, 3 – канааттандырарлык, 2 – төмөн деңгээл, 1 – канааттандырарлык эмес. Ар бир критерий боюнча пикирлер жана сунуштар жазылат.

**I. Концептуалдык-мақсаттуу блок (20 балл)**

| к/№ | Критерийлер | Түшүндүрмө | Максим балл |
|---|---|---|---|
| 1. | ООПнын максаттары жана милдеттери, ЖОЖдун стратегиялык максаттарына жана билим берүү приоритеттерине шайкеш келиши | Программанын максаттары окуу жайдын миссиясын, стратегиясын жана профилин чагылдырат. | **5** |
| 2. | ООПнын актуалдуулугу жана инновациялуулугу | Илимдин, эмгек рыногунун жана санариптештирүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу | 5 |
| 3. | Окутуунун жыйынтыктарынын мамлекеттик жана кесиптик стандарттарга шайкештиги | Окутуунун жыйынтыктарынын так, жеткиликтүү болушу | 5 |
| 4. | Иш берүүчүлөрдүн жана коомчулуктун, өнөктөштөрдүн программаны түзүүгө катышуусу | Келишимдердин, сунуш, пикирлердин болушу | 5 |

**II. Мазмундук блок (25 балл)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | ООПнын түзүмү жана логикасы | Модулдардын болушу, дисциплиналардын ырааттуулугу, теория менен практиканын тең салмактуулугу | 5 |
| 6. | Дисциплиналардын жумушчу программаларынын сапаты | Жалпы, жалпы кесиптик жана кесиптик компетенцияларга жана заманбап талаптарга шайкеш келиши | 5 |
| 7. | Илимий-усулдук жактан камсыздоо | Окуу китептер, автордук курстар, усулдук материалдардын болушу | 5 |
| 8. | Практикага багытталгандыгы, реалдуу кейстердин, симуляциялардын, стажировкалардын болушу | Симуляторлорду, практика базаларын колдонуу | 5 |
| 9. | Дициплиналар аралык байланыштын болушу жана вариативдүүлүк | Вариативдик дисциплиналардын, элективдүү курстардын, предмет аралык долбоорлордун болушу | 5 |

**III. Уюштуруучулук-ресурстук блок (20 балл)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10. | Кадрдык камсыздоо | Окутуучулардын квалификациясы, илимий даражалуу кадрлардын үлүшү, квалификацияны жогорулатуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | Материалдык-техникалык база | Лабораториялар, симуляциялык борборлор, IT-инфраструктура | |
| 12. | Электрондук билим берүү чөйрөсү | LMS системасы, аралыктан окутуу курстары, санариптик ресурстар | |
| 13. | Студенттерге социалдык жана академиялык колдоо | Устатчылык, кеңешчиилк, эксперттик, кураторлук иштер | |
| **IV. Баалоо-жыйынтыктоочу блок (20 балл)** | | | |
| 14. | Баалоо каражаттарынын фонду (БКФ) | Баалоо каражаттарынын фондунун болушу жана алардын сапаты, критерийлердин айкындуулугу | |
| 15. | Студенттердин компетенцияларынын калыптануу деңгээли | Аралыктагы жана жыйынтыктоочу аттестациялардын жыйынтыктары | |
| 16. | Бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктери | Жумушка орношуу, иш берүүчүлөрдүн пикирлери, конкурстарга катышуу | |
| 17. | Сапатты ички жана тышкы баалоо процедуралары | Аккредитация, ички аудит, өзүн-өзү баалоо | |

**V. Инновациялык-өнүктүрүүчү блок (15 балл)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18. | Окууда инновациялык технологияларды колдонуу | Симуляциялык, көйгөйгө негизделген, аралаш, долбоордук окутуу | |
| 19. | Окууда инновациялык технологияларды колдонуу | Симуляциялык, көйгөйгө негизделген, аралаш, долбоордук окутуу | |
| 20. | НББПны жакшыртуу жана жаңылоо системасы | Туруктуу анализ, модулдарды жаңылоо, стейкхолдерлердин сунуштарын ишке ашыруу | |
| | **Жыйынтык:** 100 балл | | |

| Баа | Мүнөздөмө |
|---|---|
| **90–100 балл** | НББП эл аралык жана улуттук мыкты практикаларга толук жооп берет |
| **75–89 балл** | жогорку сапат деңгээли |
| **60–74 балл** | канааттандырарлык деңгээл |
| **<60 балл –** | программаны өркүндөтүү талап кылынат. |
| **Жыйынтык: 100 балл** | |

**1-тиркеме**

**550300 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча бакалавр квалификациясынын окуу планынын жалпы эмгек көлөмүн бөлүштүрүү**

| **Билим берүү программасынын структурасы** | | | **Билим берүү программасынын блокторундагы кредиттер** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **«А»** | **«В»** | **«С»** |
| **1-блок** | **Дисциплиналар** | | **215 кредит** | | |
| | **Циклдар** | Жалпы фундаменталдык | | **38 кредит** | |
| | | Жалпы кесиптик | | **30 кредит** | |
| | | Кесиптик | **78 кредит** | **31 кредит** | **28 кредит** |
| **2-блок** | **Практика** | | **25 кредит** | | |
| **3-блок** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | | **10 кредит** | | |
| **Билим берүү программасындагы жалпы кредит** | | | **240 кредит** | | |

Биринчи блок 3 циклдан турат: *жалпы фундаменталдык, жалпы кесиптик* жана *негизги кесиптик*. Жалпы фундаменталдык цикл тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, Soft skills (жумшак көндүмдөр) жана STEM көндүмдөрү багыттарына ээ. Ар бир багыт боюнча билим берүү мекемеси тарабынан аныкталган дисциплиналардын каталогу сунушталат. Студент багыт боюнча сунушталган дисциплиналарды өз алдынча да тандай алат.

Бардык окуу дисциплиналары милдеттүүлүгү жана логикалык жактан өз ара байланыштуулугу жана циклдар боюнча окутуу ырааттуулугуна карай төмөндөгүдөй үч топко бөлүнөт:

«А» тобунда – окуу планында көрсөтүлгөн семестрде гана окутулуучу негизги дисциплиналардын ырааттуулугу сакталат.

«В» тобунда – семестрлердин ырааттуулугуна карабастан окутулуучу негизги дисциплиналар. Бул топтогу дисциплиналарды окуу жылынын тиешелүү семестрлеринде окууну студент өз алдынча пландаштырат.

«С» тобунда – кесиптик цикл үчүн тандоо курсу боюнча дисциплиналардын каталогу сунушталат. Студент ар бир каталогдон бирден дисциплинаны тандайт. Бир каталогго өз ара байланыштагы үчтөн кем эмес дисциплина киргизилиши керек.

«С» тобуна – “А” тобундагы дисциплиналарды тереңдетип окутууга мүмкүнчүлүк берүүчү предметтер кирет. Бүтүрүүчүнүн атаандаштыкка туруктуулугун камсыздоого коюлган талаптарды, илимий-техникалык жетишкендиктерди жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, кошумча компетенцияга ээ болууга шарт түзөт.

«С» тобундагы дисциплиналар ар бир окуу жылында илимий-техникалык жетишкендиктерди жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен жаңыланышы мүмкүн. *Эскертүү:* базалык окуу планы 1-3-тиркемелерди пайдалануу менен үлгү боюнча иштелип чыгат.